Кырг
63.3(2Ки)
Ш 12

# ШАБДАН БААТЫР

"УЛУУ ИНСАНДАР"
сериясы

*Кыргыз Мамлекеттүүлүгүнүн*
*2200 жылдыгына карата*

*Посвящается 2200-летию*
*Кыргызской Государственности*

НАЦИОНАЛЬНАЯ АКАДЕМИЯ НАУК
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

НАЦИОНАЛЬНЫЙ ЦЕНТР МАНАСОВЕДЕНИЯ
И ХУДОЖЕСТВЕННОЙ КУЛЬТУРЫ

# ШАБДАН БААТЫР

РЕДКОЛЛЕГИЯ:

ЖЕЕНБАЕВ Ж.Ж.
КАКЕЕВ А.Ч.
ПЛОСКИХ В.М.
АКМАТАЛИЕВ А.А.
АСАНКАНОВ А.А.
ШАРШЕНАЛИЕВ Ө.Д.

БИШКЕК-2003

63,3(2Ки)
Ш 12

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК
ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

МАНАСТААНУУ ЖАНА КӨРКӨМ
МАДАНИЯТТЫН УЛУТТУК БОРБОРУ

# ШАБДАН БААТЫР

БИШКЕК-2003

ББК 63.3 (2Ки)
Ш — 13

Сүрөтчүсү *Р. А. Исаков*

Ш—13 **Шабдан баатыр** /Түз.: А. Акматалиев, Ч. Жумагулов, Ө. Шаршеналиев. — Б.: 2003. — 224 б. (*«Улуу инсандар»*).

ISBN 9967-10-093-1

Тарыхый инсандын коомдогу орду жана ролу жөнүндөгү материалдар орун алган.

Манастаануу жана көркөм маданияттын улуттук борборунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган

Ш $\frac{0503020911}{М 455(11) — 2003}$ ББК 63.3(2Ки)

© Манастаануу улуттук борбору, 2003
© Кыргызполиграфкомбинаттын «Шам» басмасы, 2003

ISBN 9967-10-093-1

462 554



# ШАБДАН БААТЫР

и ее народу, всегда будет путеводным маяком для следующих поколений кыргызов.

Пусть светлый облик Шабдан ата, всегда служащий благородным примером для почтительных потомков, светит звездой Чолпон на сложном пути бытия».

## АСКАР АКАЕВ

### Шабдан Баатыр — жалпы элдин сүймөнчүлүгүнө айланган нукура улуттук баатыр*

Туура он күндөн кийин баарыбыз сиздер менен бирдикте Кыргыз Республикасынын эркиндигинин 8 жылдык салтанатын белгилегени отурабыз.

Бул эркиндигибиз Кыргыз элибиздин маңдайына жазылган зор бактысы деп ойлойм.

Бирок, кылымдар бою зарыктырып күттүргөн бул эркиндик биз үчүн оңойго турган жок.

Бүгүнкү эркиндигибиз — эң ириде Айкөл Манас атабыздын рухунан жаралган эркиндик.

---

* Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин Шабдандын 160 жылдык маарекесинде сүйлөгөн сөзү, 1999-ж. 21-август.

Бүгүнкү чалкайган Ала-Тообуз — ата-бабаларыбыздан мураска калган ыйык жер.

Бул тарыхыбыз — эр-азаматтарыбыздын өмүрүнөн жана эрдигинен жаралган улуу тарых.

Кылым карыткан кыргыз тарыхында «Эл намысын эр сактаса, эр атагын эл сактап», ар дайым андай баатырлар менен акылмандардын ысмы улуттук даңазага айланып, элдин жүрөгүндө түбөлүк сакталып келген.

Биздин бул улуттук бийик салтыбызды жана адамдык ыйык парзыбызды улап, өткөн жылы эле ордолуу Ош жергесинде Курманжан датка энебиздин, айтылуу Алымбек датканын жана ыйык Ысык-Көлдүн жээгинде касиеттүү Тилекмат аке менен Сарт акенин айкелдерин орнотуп, арбактарына таазим этип кайткан элек.

Кечээ эле борбор шаарыбыз Бишкекте кыргыз элинин дагы бир залкар тарыхый инсаны Шабдан баатырдын ажайып

айкелин орнотуп, бүгүн болсо баатырдын туулуп-өскон жеринде 160 жылдык маарекесин салтанаттуу белгилеп отурабыз.

Ошол себептен Кыргыз эли өзгөчө сый-урматын билгизип, Айкөл Манас, Жаңыл Мырза, Курманжан датка, Калыгул олуя, Токтогул ырчы, Толубай сынчы деген сыңары, «Шабдан Баатыр» деп ардакталып, өзүнчө бир ылакап атка айланган.

Шабдан баатырдын өмүрү кыргыз элинин башына мүшкүл иш түшүп, ички бытырандылык ырбап, Кокон хандыгынын өкүмү күчөп, Орусия падышачылыгы кыргыз-казак элдерине ыдык көрсөтүп турган катаал учурга туш келген.

Ал 20 жаш курагында эле Узун-Агачтагы чоң масштабдагы согушка катышып, эр жүрөк азамат катары элге таанылып, Баатыр атанган.

1875—76-жылдагы Орусия падышачылыгынын аскерлеринин Түштүк Кыргызстанга болгон экспедициясын коштоп

барып, ал жактагы кыргыз урууларынын эл бийлеген акылмандары менен сүйлөшүп, аз сандагы кыргыз эли падышачылыктын аскерлерине каршы теңтайлаша албастыгына көзү жетип, жеке куру намыстан улут тагдырын бийик коюп, курал-жаракчан келаткан орус аскерлеринин алдынан нан, туз менен тосуп чыгууга үндөгөн. «Канжарынан кан тамганды, тилинен бал тамган» жеңиптир демекчи, ошентип элдин ак пейилин көргөзүү менен бирге ар кандай кандуу каргашадан канчалаган улутташтарыбыздын алтын башын аман сактап калууга жетишкен.

Ошол эле жылы алай канышасы Курманжан датка туткунга түшүп, кан төгүү коркунучу пайда болгондо Шабдан баатыр генерал Скобелевге келип, өз өмүрүн өлүмгө байлап, кепилдикке коюп, Курманжан датканы бошоттурат. Бул Шабдан баатырдын нагыз айкөлдүгүнөн, Курманжан даткадай асыл адамдар үчүн

өз өмүрүн кыюуга даяр эр жүрөктүүлүгүнөн кабар берет. Ошондон кийин гана татаал сүйлөшүүлөр башталып, Курманжан датканын баласы Абдылдабек Шабдан баатырдын талаш-тартыш маселелерди тынчтык жолу менен чечүүдөгү өзгөчө жөндөмүнө терең баа берип, генерал Скобелевге «... Эгер силер чындап эле тынчтыкты каалсаңар жана өз сөзүңөрдү карманууну көздөсөңөр, анда Шабдан баатырга тапшырма бергиле. Биз да ага ишеним көрсөтөбүз. Биздин маселелерди Шабдан баатыр чечсин... Эгерде силер Ош уездинде Шабдан баатырды калтырсаңар, анда биздин ортобузда тартип орношу мүмкүн» деп жазган. Ошондой оор кырдаалда кыргыздардын биримдигинин эң зарыл экендигин терең сезип жана Шабдан баатыр гана эл башын кошо ала тургандыгын түшүнүп, Абдылдабек аны Ош уездинде калтырууну талап кылган.

Ортого арачы болуп, генерал Скобелевге кат жазып жатып, Наманганда, ки-

йин бир канча казак-кыргыз жергесинде өлүм жазасына тартылган жүзгө жакын адамды куткарган. Анын мындай өзгөчө кайрымдуулук касиети жогору бааланып, ошол заманда эле Орто Азия элдеринде биринчилерден болуп эл аралык Кызыл Крест коомунун атайын медалына татыган. Бир тууган казак элинин Ногойбай сыяктуу баатырлары менен ар дайым бекем, достук мамиледе турган. Дунгандар катуу кыргынга учурап, кыргыз жергесине оогондо бир тууғандай биринчи кабыл алып, аларга жардам берип, жер бөлдүргөн Шабдан баатыр болгон.

Ал даанышман инсан катары кыргыз сыяктуу кичине эл улут катары өзүн сактап, өсүп-өнүгүшү үчүн орус эли сыяктуу улуу эл менен мамиле күтүп, достук саясатын гана жүргүзүү керек экендигин жүрөгүнүн тереңинде сезип, көп аракеттерди көргөн.

Орус эли менен достошуудагы бул кемеңгерлигин атактуу Жамбыл акын

казак ырчылары менен келип, минтип сүрөттөгөн экен:

Боорлошум, бир тууганым баатыр
Шабдан,
Кембагалга кенен пейил мээрим чачкан.
Касташып канын төкпөй кыргыз элдин,
Орус менен достошуп, тилин тапкан.

Ал эми 1904-жылы Мекеге ажылыкка баратып, Стамбул шаарында курулуп жаткан темир жолго кыргыз элинин атынан кошумча кошуп, түрк туугандарыбыз менен алака түзүп, Түрк султанынын эмиринин алтын медалы жана грамотасы менен сыйланган. Шабдан атабыздын кол кабышы менен курулган бул жол бүгүнкү күндө жалпы түрк мамлекеттеринин өз ара байланышын чыңдай турган Улуу Жибек жолунун бир бутагына айланып отурат.

Орусияда, Түркияда, Мекеде болуп, кайтып келген соң кыргыз эли келечекте илим-билим аркылуу гана өнүгө ала-

рына козү терең жетип, мындан туура 90 жыл мурда алгачкы жолу ушул Тар-Суу айлында өзүнүн медресесин ачтырган. Атайын 150 окуучуга дин сабактары менен бирге эле арифметика, география, тарых жана башка предметтер окутулуп, Казандан, Оренбургдан, Уфадан дасыккан мугалимдерди чакыртып, сабак бердирген. Бул медресе аз эле иштесе да алгачкы муундагы кыргыз интеллигенциясын өстүрүүдө, улуттук аң-сезимди өнүктүрүүдө зор роль ойногон.

Ал эми Шабдан баатыр Орто Азиядагы жалпы мусулман элдеринин атынан 1905-жылы Петербургга Министрлер Комитетинин төрагасына жиберген атайын петициясында: Кыргыздар үчүн өзүнчө диний мажилис бөлүп берүү, мектептерди, медреселерди, кесипчилик мектептерди ачууга укук берүү; кыргыз жана казактардын эл тарабынан шайланган өкүлдөрүн мыйзам талкуу жана чы-

гаруу иштерине катыштыруу; кыргыз тилинде газет-журнал жана китептерди басып чыгаруу, аларды эркин сатуу; жер жөнүндө; жеке менчикке ээлик кылууда жана эркин кесиптин ээси болууда улутуна карабай теңчиликти талап кылуу сыяктуу прогрессивдүү көз караштагы мааниси зор маселелерди көтөргөн. Биз 1991-жылы эркин мамлекет болгондо эң алгач мына ушуларга үндөш айрым маселелерди биринчилерден болуп күн тартибине койгонубузду эске алсак, анда Шабдан баатырдын мамлекеттик деңгээлде ой жүгүртө билген кыраакы саясатчы экендигине дагы бир жолу ынанабыз. Ошондой эле жерди жеке менчикке өткөрүүнүн зор маанисин терең түшүнүп, элди жер иштетүүнүн сырларын үйрөнгүлө деп үндөп, элге жеке менчикке жер бөлүп берүү үчүн күрөшүп, ал гана эмес улуу реформатор, Министрлер Советинин төрагасы П. Столыпиндин, император Николай IIнин жеке кол-

доолоруна ээ боло алган. Жерди жеке менчикке берүү боюнча Шабдан баатырдын бул асыл кыялы былтыр гана 1998-жылы жалпы элдик референдумда ишке ашып отурат.

Кээ бир белгилүү тарыхчыларыбыз эгерде Шабдан баатыр тирүү болгондо 16-жылдагы үркүн болбой калышы толук ыктымал эле деген негиздүү ойду айтып жүрүшөт. Себеби, Шабдан баатыр орус падышачылыгы менен болгон маселени зордук-зомбулук менен эмес, дипломатиялык макулдашуу, саясий диалог менен гана кыргыз улутунун пайдасына чечүүгө мүмкүн экендигине көзү терең жеткен.

А балким Шабдан баатырдын чынында эле көзү тирүү болгондо ошондо кыргынга дуушар болгон 400 миңдей бир боорлорубуз аман-эсен калып, алардын бала-бакырасы бүгүн эркиндик доорун сүрүп, кыргыз элинин саны бир топ эле жогору болот эле деген өкүнүч бүгүн да

ойго келет. Мынакей, бир улуттун өмүрүн сактоодо бир баатырдын ролу канчалык зор болгон. Себеби, Шабдан баатыр Орусия падышачылыгынын өкүлдөрү генералдар Колпаковский, Куропаткин, Скобелев сыяктуу аттуу-баштуу адамдар менен өзгөчө сый-урмат мамиледе болгон. Анын далили катары Түркестан ооданындагы жергиликтүү эл башчыларынын ичинен эң биринчилерден болуп 4-даражадагы Георгиев орденинин белгиси сыяктуу жогорку сыйлыктар ыйгарылган.

Ал эми 1870-жылдардан тартып Шабдан баатыр Боом капчыгайына араба өтүүчү жол салдырууга жетекчилик кылып, Чүй өрөөнү менен Нарын, Ысык-Көл өрөөнүндөгү элдердин карым-катнашына зор роль ойноорун терең түшүнүп, калайык-калкты жалпы элдик курулушка үндөп, азыркы Боом капчыгайындагы жолдун негизги уңгусун салууга жетишкен. Демек, эгемендүүлүктүн

алгачкы күндөрүнөн бери Ош — Бишкек жолунун реконструкцияланып жатышы, Балыкчы — Кара-Кече темир жолун куруу боюнча демилге ишке аша баштагандыгы Шабдан баатыр сыяктуу акылман адамдарыбыздын арбактарын ыраазы кылаары анык.

«Эр сынчысы — эл» демекчи, Шабдан баатыр өз заманындагы өнөрлүү инсандар менен да ынак мамиледе болуп, алардын өтө бийик баасына татыган.

Атактуу кара жаак Калмырза ырчы:

Алсыздарга ал болгон,
Айласызга мал болгон.
Үйсүздөргө үй болгон,
Үнсүздөргө үн болгон,
Динсиздерге дин болгон —

деп, анын ашкере марттыгын, жоомарттыгын ырдаса, ал эми атактуу Нурмолдо:

Элимди эссиз кырдырбай,
Эптештирген эр Шабдан.

Элчилиги эрендей,
Шерттештирген шер Шабдан —

деп, баатырдын элчилик касиетин, элге жылдыздуулугун баса белгилейт. Алгачкы агартуучу, тарыхчы Осмонаалы Сыдык уулу болсо ага арнап, «Тарых-и Шабдания» эмгегин жазган. Ал эми Калыгул олуя:

«Үстүнөн жетим да өткөн, жесир да өткөн, жакшы да өткөн, жаман да өткөн Шабдан баатыр дарыянын көпүрөсү турбайбы» деп анын өзгөчө чыдамкайлыгына, көтөрүмдүүлүгүнө ташка тамга баскандай баа берген.

Чынында эле Шабдан баатыр карапайым калктын жүрөгүндө балбан билек баатыр эмес, айкөл жүрөк баатыр катары сакталып калды.

«Анын сурабай иш бүтүргөн, даңк күтпөй эрдик кылган», айласы кетип турса да адилеттүүлүгүнөн кайтпаган айкөлдүгү Манас атабызлан уланып келе жаткан кыргыз баатырларына мүнөздүү касиеттүү сапаттарынын үлгүсү деп ойлоймн.

3—2064

Шабдан баатыр атабыз өзүнүн жаркын өмүрүндө адамдын негизги байлыгы — анын адамгерчилиги экенин туу тутуп, өзүнүн асыл касиеттери менен адамга жакшылык гана кылуунун ажайып үлгүсүн көрсөтүп кетти.

Өмүргө бир гана жаралган ар бир адам баласы үчүн бул өзгөчө ыйык озуйпа деп ойлойм.

Шабдан баатыр атабыз өз эл-жерин жанындай сүйүп, Ата-Журтка ак дилден акылмандык менен кызмат кылуунун чыныгы үлгүсүн көрсөтүп кетти.

Айрыкча Шабдан баатыр Түндүк менен Түштүктөгү жүрөгү бир, боору бир, бир атадан тараган кыргыз элинин өз ара тыгыз байланышын, мамилесин арттырып, бүтүндүгү үчүн жан үрөп, аракетин арттырган.

Бул эркин, бакубат кыргыз мамлекетин куруп жаткан жаштарыбызды патриоттук духта тарбиялоодо зор сабак болот го деп ойлойм.

Шабдан баатыр атабыз кыргыз эли башка улуттар, айрыкча, орус, өзбек, тажик, казак элдери менен бекем достукта гана биргелешип гүлдөп-өсөөрүнө, өз ара өчөшүү эмес, өз ара түшүнүшүү жана толеранттуулук гана бакубат турмушка жеткирээрин далилдеп кетти.

Бул бүгүнкү жана эртеңки болочок саясатчыларыбыздын эсинен эч чыкпоосу керек.

Баатыр Шабдан атабыз кыргыз эли келечекте илим-билим жана алдыңкы өнөр кесипти өздөштүрүү аркылуу гана цивилизация шартында жүрүүгө жетишээрине терең ишенген.

Демек, бул үмүт-кыялды актоо азыркы жаштарыбыз үчүн осуят болууга тийиш.

Шабдан баатыр кыргыз журту үчүн ынтымак, биримдик улуу күч экенин терең сезип, өмүрүнүн акыркы жылдары «Кыргыз элим бир уяда түнөгөн бир куштун балапандарындай ынтымактуу

болсо экен» — деп, Кудайдан тиленчү экен.

Кеменгер инсандын ыйык тилеги кабыл болуп, кудая шүгүр, элибиз эркиндигине жетишип, улуттук биримдикте, чыныгы демократия жолунда мамлекеттүүлүгүн түптөөдө.

Чындыгында эле, биздин эркиндигибиз али балапандай жаш. Бирок, элибизде ынтымак-ырыскы болсо, ал балапан барчын куш болуп жетилээр.

Ошол барчын куш бийикке оболоп учуп, дүйнө элине шаңшып үн салаар күн да алыс эместир.

Элибиздин биримдиги касиеттүү Ысык-Көлдөй терең, Ала-Тоодой бийик, Сулайман-Тоодой ыйык болсун.

Даанышман Шабдан атабыздын маарекеси элибизге дагы кут, жакшылык алып келип, арбагы баарыбызды колдой жүрсө экен.

### I. Шабдан*

Эч ким качып кутулбайт,
Эр Сулайман баргандан.
Эшитип журтум кулак сал,
Элети журттун баашасы,
Эр Шабдан көчтү жалгандан!
Барбай адам калабы,
Байгамбарлар баргандан.
Байкап журтум кулак сал,
Баары журттун атасы,
Баатыр көчтү жалгандан.
Түн киргендин жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан.
Түгөл кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!
Караңгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан!
Күнөкөргө күн батты,

* «Эл адабияты» сериясы. Түзгөндөр. С. Егембердиева, А. Акматалиев. 19 том. — Бишкек: Шам, 2002.

Күрдөөлдүү кылжыр көп журтун,
Күйгүзүп Шабдан эр жатты.
Богорстон, Койлон, Кылжырды,
Боздотуп Шабдан эр жатты.
Боз үйлүү журтка ай батты!
Салындың богон ченинди,
Зарлантып каран таштадың,
Сарбагыш, бугу элинди!
Азирет кудай жар болуп,
Атретке баш болуп
Айдап жүрүп караттың
Анжиян менен Алайды,
Атайы каран таштадың,
Адигине, тагайды!
Ардактаган тулпарды,
Адырга чапса тер чыкпас,
Адигине, тагайдан,
Ак калпактуу кыргыздан,
Артылып сендей эр чыкпас!
Кынабы келген тулпарды,
Кыйнап минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргызда сенден эр чыкпас!

Эчтеме билбес ырчылар,
Эл мактачу каадасы,
Эшитип уксаң көп журтум,
Эр Шабдан элдин саабасы.
Ондуусунбай кишиге,
Оорутпай көөнүн адамдын,
Олуя эле эр Шабдан,
Ойлосом ушу замандын,
Топ бузган күлүк мингизген,
Кокондон келген калпага.
Эсенгул тынай мас болду,
Эр Шабдан сенин аркаңа!
Баатыр Шабдан аркасы,
Балдары өскөн сөөлөткө,
Байгамбардай сабыры,
Мас болбоду дөөлөткө.
Карабек уулу кан болуп,
Чоро менен черикти, .
Темирболот, черикчи,
Ошолордун баарысы,
Сизге берген эрикти!
Кайкалады сөөлөткө,
Касиеттүү бу баатыр,

Качан көптү дөөлөткө!
Кары келсе бата алган,
Казы, карта, жал берип,
Календер келсе чогулуп,
Кабагын ачкан мал берип.
Аксакал келсе бата алган,
Астына төгүп жал берип.
Адашкан келсе чогулуп,
Ажатын ачкан мал берип.
Акылың артык даана элең
Адашкан эрге маана элең!
Кеңешиң артык даана элең,
Кетиген эрге маана элең!
Жедигер менен мундуздан,
Жетимиш уруу кыргыздан,
Кутчу менен саруудан,
Курама журттун баарынан,
Саяк менен бугудан,
Зар ыйлады үч дубан.
Санаасынан чыгарбас,
Сан сарбагыш өз тууган.
Эсенгул менен Тынайдан,
Солтонун мыкты чоңдору,

Эшкожо менен Канайдан
Мөмөлүү жыгач бүгүлдү,
Мөмөлөрү төгүлдү,
Он төрт болуш сарбагыш,
Эми сизден түңүлдү!
Маргаланды майтарган,
Барган жоосун кайтарган,
Баатыр ажы бадыша,
Артык тууган Жантайдан!
Карабагыш, чоңбагыш,
Ак калпактуу кыргыздын,
Ортосунда сиз калыс!
Доолөс менен тейиттен,
Аттанып кетип дүйнөдөн
Калкыңды минтип кейиткен.
Сары толто бычактан,
Сандап жаткан кыпчактан,
Тору Айгыр күңгөй саягы,
Күйгөндө сизди табабы?
Баатыр ажы бадыша,
Өтүп кеттиң дүйнөдөн,
Казак, кыргыз тыягы,
Анжиян, Кокон, Наманган,

Быягы орчун чоң Ташкен,
Каратып берип аларды,
Падышадан алдың чен.
Обурагың озгон кылымдан,
Кабарың уккан Индистан,
Өтүп кеттиң бир туйгун,
Эми туударбы сиздей кыргыздан!

**II. Шабдан***

Катка салган жамагым,
Каргылданба тамагым.
Кай моллалар окусаң.
Калыт койбой карагын.
Кагаз калам ысымын,
Калтырбагын сабагын.
Капа болсо баатырга,
Ачып бергин кабагын.

---

* «Эл адабияты» сериясы. Түзгөндөр. С. Егембердиева, А. Акматалиев. 19 том. — Бишкек: Шам, 2002.

Мен айтайын билгеним,
Билбегеним бил дебе,
Билбеди деп тилдебе.
Жактырбасаң сөзүмдү,
Жазган молла ким дебе.
Ким десең да мейличи,
Жаман айтып үн дебе.
Баатыр Шабдан казалы,
Баштап сөзүн жазалы.
Байкап туруп сүйлөсөм,
Чыгар сөзү мазалы.
Офат болуп падыша,
Эли болду назалы.
Эптеп кыса чыгарып,
Эл кумарын жазалы.
Жетимиш үчтө көрдүлар,
Азалы тагдыр кыфаны.
Эли кайдан табады,
Баатыр сындуу тазаны.
Эрте өттү баатыр деп,
Эли күттү азаны.
Эстегенде ажыны,
Элдин көөнүн басалы.

Баатыр Шабдан сабазды,
Байкап катка жазалы.
Көбүрөөк кейип баатырга,
Кетирбейлик мазаны.
Он бешинде аттанган,
Ок атканда жазганган.
Оң жолго кылган иштери,
Оң жолуна башталган.
Кыргактуу найза колунда,
Кырк жигити оңунда.
Кыйыр болгон душманы,
Кылчайбаган соңунда.
Уккан адам таң калган,
Баатыр атам чоңуна.
Казак, кыргыз, оң мен сол,
Кирип турган колуна.
Кайрат кылган душманды,
Кыргын кылган жолуна.
Баатыр атам мархумай,
Кылчайбаган жолуна.
Казак, кыргыз, сарбагыш,
Баарысына сиз калыс.
Энди катын тубарбы,

Баатыр сынды бир дааныш.
Кытай менен кыргыздан,
Кырымга кетти сиздин даңк.
Кытай, орус тушунда,
Чыгалбас сиздей чебер жан.
Орустан орноп ар жагы,
Кабарын уккан алыстан.
Өтүп кетти бир туйгун,
Чыгар бекен кыргыздан.
Кыргыз менен казактан,
Кутулткан далай азаптан.
Болор бекен сиз өңдүү,
Казак, кыргыз тараптан.
Угалбадым сиздей чоң,
Азыркы гажым мерабдан.
Ахмадыкан ортобдо,
Кетмен-Төбө саяктан.
Кыргыз, казак, оң, солдон,
Ар ким чыккан ар жактан.
Аңдыган менен ажы ата,
Жеткен сизге каяктан.
Эр өлтүргөн сотунан,
Куткаргансыз набактан.

Жазган муну бир акын,
Чарчабайды жамактан.
Бугубайдын Чыныбай,
Чоң болуптур көл жактан.
Өз алынча зор чыгып,
Өткөн экен көп жактан.
Сиздей жоомарт болгон жок,
Бечараны көп баккан.
Алты дубан топ болсо,
Кыйыгы менен сөз тапкан.
Айткан жерде кутулган,
Алты жылдык ырыстан.
Асти сиздей чыгарбы,
Ушбу казак, кыргыздан.
Жоокерчилик убакты,
Шондо конгон чоң бакты.
Наманган менен Андижан,
Талкалаган Чарбакты.
Жанындагы жолдошу,
Айтып-айтып зар какты.
Алып берип аларды,
Падышага көп жакты.
Карагай найза колго алган,

Калмакты көздөй жол чалган.
Кан саякты кан атам,
Калмактан барып олжо алган.
Канча сан кол качырса,
Кайрат менен кол салган.
Кырчылдаша келгенин,
Кыйшайбастан мол салган.
Кыргактуу найза колго алган,
Кытайды көздөй жол чалган.
Кызматы менен ажы атам,
Кытайдан барып олжо алган.
Анжиян менен Наманган,
Багындырып алган чын.
Анын төмөн жагында,
Үлкөн шахар чоң Ташкен.
Казак, кыргыз ону, сол,
Баары болгон сизге жем.
Бирге жүргөн адамга
Бөлүп бердиң жеминден.
Баяке ажы, Манапбай,
Үлкөн болгон деминден.
Карагай чобү калың деп,
Жер алгансыз Кеминден.

Шол убакта манаптар,
Жетебиз деп теминген.
Жетмек тургай ошолор
Күрондүдо тебилген.
Эрегишкен душманы,
Кара мыктай себилген.
Жардам берсең карыпка,
Кыйын эле демилген.
Олуя-Ата, Таласты,
Ойрондогон алашты.
Айткан сөзүн атамдын,
Кандай адам талашты.
Казак, кыргыз ар кимдин
Кайсы бири жанашты.
Жетебиз деп канчасы,
Жете албастан адашты.
Таластагы саруулар
Кызын берип жарашты.
Он торт болуш сарбагыш
Бир атадан тарашты.
Илгерки эл бир башка
Асанкул менен кармашты.
Тамга салып алам деп,

Кер кулунду талашты.
Шер чыккан Асанкул,
Бизге кайдан жанашты.
Тең боломун дегенди
Жоодой кылып талашты.
Кушчу менен саруудан,
Курама журттун баарынан.
Баатыр атам падыша,
Башта кыдыр даарыган.
Башта казак, кыргыздар,
Коркуп жүргөн каарынан.
Көп мусулман кутулган,
Набактынын зарынан.
Ашып барган Көк-Артты,
Алсыраткан көп сартты.
Казак, кыргыз оң мен сол,
Таппайт атам жоомартты.
Аулие-Ата, Чымгентти,
Ойрон кылып кекетти.
Жоомарттык мен атакем,
Кожого берген зекетти.
Бактысы чоң ажы атам,
Жигити элди кекетти.

Шаригаттын жолу мен
Динге элди бекитти.
Адигине, тагайдан,
Артык чыккан далайдан.
Кайрат менен олжо алган,
Кашкар менен Алайдан.
Чоң чыгыптыр бактысы,
Эшкожо менен Канайдан.
Эч ким теңдеш болбогон,
Эсенгул менен тынайдан.
Саруу менен кушчудан
Зар ыйлады үч дубан.
Санаасынан кетирбес
Оң сарбагыш — өз тууган.
Солто беги сарбагыш,
Бир-бирине тең тууган.
Болгон менен тең тууган,
Жеткирбеген сен буудан.
Анжыянда мундуз бар,
Нече уруу кыргыз бар.
Ошолордун баарынан
Баатыр атам бир чынар.
Каракол, Пишкек дубаны

Бары . . . . . . . . . .
Кантип турсун жоктобой,
Сырткы Эсенгул тууганы.
Сарбагыштын баарысы
Заманында дуулады.
Кабул болгон алардын
Окуп келген кураны.
Өтүп кетти ажы атам,
Казак, кыргыз бууданы.
Айтканымдын баарысы,
Сарбагыштын урааны.
Өтүп кетти мархумай,
Ошолордун кыраанды.
Баары келди бакырып,
Ажы Шабдан кыраанды.
Кыркына келди кырк болуш,
Оомийин кылды төрт болуш.
Баатыр Жантай балдары,
Сарбагыштын тынары.
Баатыр Шабдан мархумай,
Бийик чыккан чынары.
Алты дубан топ болсо,
Ак карасын сынаары.

Ак жеринен күйгүзбөй,
Караларын жыгары.
Казак, кыргыз оң солдун,
Кара кашка тынары.
Эби кеткен доо болсо,
Эбин таап кынары.
Кара бир тил кан Жантай,
Кармаган журту аз тынай.
Аз деле болсо эр Жантай,
Адамга жүргөн бастырбай.
Мүлдө тынай төрт болуш,
Суусу сайын төр конуш.
Окур болсоң моллалар,
Бийигирээк сал добуш.
Төрт болуш эл тарады,
Жылгаз тынай бөкбөңүз.
Койбой айтат баарысын,
Жазган акын молдоңуз.
Маргаланга барганы,
Багынды сарттын сардары.
Айтып келди сөз кылып,
Бирге жүргөн чалдары.
Басар бекен өз ордун,

Артында калган балдары.
Бир баласын бу кезде,
Орунсуз орус кармады.
Аман болсо атамдын
Жетер беле дарманы.
Жалгыз ушу болбосо,
Башка жоктур арманы.
Өтүп кетти атакем
Дүнүйанын жалганы.
Туусун жыгып кыргыздын,
Башка кудай салганы.
Алматыда жандырал,
Ташкенде бар генерал.
Чыныңыздын өлгөнү,
Ошолорго барабар.
Кармалып калып балаңыз,
Банактыда кылды зар.
Ташкендеги ак бекет,
Ак карасын чамалар.
Атакенин алты уулу,
Айла таппай камалар.
Арбагы үчүн атамдын,
Акыры улук чыгарар.

Мүрзө мечит салдырып,
Алыстан молдо алдырып,
Окутуп жатат балдарды
Шариатка кандырып.
Кейип калдык баатырга,
Күйүп өчтү жандырып.
Душмандашкан арамды,
Атакем акылынан тандырып.
Калак-Ашуу, Төр-Сууга,
Мечит салып бер дедиң.
Баатыр үлкөн ажы ата,
Казынадан жем жедиң.
Тууду кудай намыска,
Карашып жүргөн маз азга.
Кейибестен ким калган,
Баатыр атам сабазга.
Кожолорго кол берген,
Кожо афанди тон берген.
Бечара менен гарыпга,
Кол кайырды чоң берген.
Кол тапшырган кожого,
Кокон кызыр моллага.
Келген сайын кожосу,

Көп жылкы алган олжого.
Анык сүйлө сөзүңдү,
Жазган акын болжобо.
Маашыр күнү аршулар,
Таяр болор колдоого.
Раманыв падыша,
Барып келген баатыр шаа.
Мамытаалы жолдошу,
Бирге барган жанаша.
Канча шаар калааны,
Кылып келген тамаша.
Фенмин кылган улуктар,
Барганына жараша.
Бактысы чоң ажы атам,
Кыргыздан чоң болдуңуз.
Битирбордо бай такты,
Падыша барып кондуңуз.
Балдарынын бироосу,
Басар бекен ордуңуз.
Дин мусулман ичинен,
Болушунча болдуңуз.
Ажыга барган фарман деп,
Бендесине карыз деп.

Колу жеткен адамга
Мекеге бир барыш деп.
Көл үстүндө от кеме,
Жүрө албайт көлдөн ат мен төө,
Меке барып жеткенде,
Зыяратда баскан жөө.
Баккан факыр гарыпты,
Көргөн Меке шарифди.
Анын ары жагында,
Мединага барыпты.
Ислам элдин мүдөөсү,
Баатыр өттү кыйын иш.
Чоң Кеминдин талаасы,
Беш күн кылдың жыйылыш.
Даурасына[9] ажынын,
Бир миң теңге жыйдыңыз.
Талас кетип жолоочу,
Көрбөй калдым жыйныңыз.
Жана дагы миң теңге,
Үч ат чеккен пойуска,
Нечен түмөн кайырчы,
Таап келди береке.
Кызматын кылбай коебу,

Баатыр атам серегe.
Жылкыга мамы табылбай,
Байлап алды терекке.
Колунда жок бечара,
Жаратып алды керекке.
Эт, кымызын түгөтпөй,
Куюп алды челекке.
Күбүрнадыр Алматы,
Күркүрөйдү савлетти.
Барданке менен мейитин,
Багып турду салдаты.
Ыйлап келди фирстоп,
Салдат келди нече топ.
Орус ыйлап кыргызга,
Баатырдан башка элде жок.
Кыргыз, орус аралаш,
Ыйлабаган бенде жок.
Өлгөндөгү кызматы,
Бу кыргызда ченде жок.
Ыйлап келди улуктар,
Карагайчы мужуктар.
Баары келди баатырга,
Узун-узун муруттар.

Өбөктөп ыйлап жатышты,
Асманга мылтык атышты.
Кайырчылар жылкысын,
Арзан баага сатышты.
Тоодон арча кыйдырып,
Усталарын жыйдырып,
Салып жатат күмбөзүн,
Шаригатка сыйдырып.
Ичин, тышын сырдады,
Салган уста жыргады.
Акча, малды көп алып,
Дүнүйөнү ыргады.
Чоро менен черикти,
Темирболот, черикчи,
Ошолордун баарысы,
Сизге берген эрикти.
Касымбек мен калфасы,
Чоро саяк калкасы.
Ошолордун баарына
Баатырдын тийген аркасы.
Касымаалы, Чокосу,
Эсенкулдан Токтосу.
Өтүп кетти эр Шабдан,

Дүйнөнүн жок офасы.
Шаркыратма, Он-Арча,
Ошолорго сиз марча.
Казак, кыргыз, оң, солго
Тоо көтөргөн сиз нарча.
Ажы менен Субанды,
Алматы, Бишкек дубанды.
Бирдей көргөн ажы атам,
Казак, кыргыз тууганды.
Садыр ажы, Көбөгөн,
Бири-бирин жөлөгөн.
Калган эмес көңүлү,
Баатыр Шабдан төрөдөн.
Канат ажы, Токтосун,
Кадырын билип жоктосун.
Алып келди бир кудай,
Казак, кыргыз ноктосун.
Кырк жигиттин Бектени,
Калганы сизге жетпеди.
Офаткече баатыр ай,
Башындан чоңдук кетпеди.
Курманкожо, Кулжыгач,
Көкүмбай, Курман сөзгө маш.

Баатыр ажы мархумай,
Мөмөлөгөн сыр жыгач.
Мөмөлүү жыгач бөгөлдү,
Мөмөлөрү күбүлдү.
Казак, кыргыз, оң мен сол,
Кантип сизден түңүлдү.
Казак, кыргыз топ болсо,
Ким чечеди түйүндү.
Баатыр Шабдан өттү деп,
Кандай душман сүйүндү.
Байзак ажы, карыя,
Көзүнөн жашы дарыя.
Шаригатдан тышкары,
Көп мактаса жарыя.
Түркмөн менен Мырзабек,
Кейиди баатыр турса деп,
Калыс эди баарыга,
Ойаз сыйаз курса деп.
Тов аркасы Андыжан,
Аты машгур Курманжан.
Ошолордун баарынан,
Артык баатыр кыргыз хан.
Жумгал, Кабак саяктан,

Жеткен жок эч ким аяктан.
Кудай артык кылган соң,
Жеткизет баатыр каяктан.
Анжыянда мундуз бар,
Нече уруу кыргыз бар.
Ошолордун баарына,
Тоо көтөргөн бийик бар.
Өтүп кеттиң ажы ата,
Канчабызды кылып зар.
Казак, кыргыз ичинен,
Сиздей баатыр кимде бар?
Казы менен Эсенкул,
Эптеп айткан сөзүм бул.
Энди катын туармы,
Баатыр сынды бир уулду.
Мамырбай менен Теңизди,
Жылкыдан берген семизди.
Баатыр Шабдан мархумай,
Баарына элди жегизди.
Тезекбай менен Кооманды,
Аркаң мен сүргөн дооранды.
Касташам деген душмандын
Кайсы бири соо калды.

Кенембай эли Семиз-Бел,
Баары жогу уруу эл.
Ошолордун баарына,
Баатыр ажы бийик бел.
Тескейде бар Баатыркан,
Терип айттым канча жан.
Казак, кыргыз, оң, солдон,
Чыккан жок сиздей эч бир жан.
Майда билек, чоң билек,
Баатыр ажы бир терек.
Аман жүрсө мархумай,
Баарыбызга тең керек.
Көл башында Баатыркан,
Көрбөй айттым канча жан.
Көкүрөктө бугудан,
Чыккан жок сиздей эч бир жан.
Торкен менен Кең-Суудан,
Кыдыр баатыр тең тууган.
Болгон менен тең тууган,
Жеткирбеген сен буудан.
Күрмөңтү эки топ эли,
Шулардын баарын сурады.
Офатын угуп канчасы,

Жаны ачып кейиди.
Алты дубан топ болсо,
Тапчы эди жайыны.
Алып келип берчи эди,
Жылкы менен коюну.
Саяктардын Садыры,
Бир болуш билген кадыры.
Байда көргөн баатырдан,
Ошолордун чабыры.
Кара буурул Ак-Суудан,
Кадыры артык жакшыдан.
Казак, кыргыз, оң, солго,
Баатыр Шабдан жалгыз кан.
Торуайгыр эли Бектени,
Түптү сизге жетпеди.
Жетимиш үчкө жеткенче,
Башыңдан чоңдук кетпеди.
Эр Далбайдын Султаны,
Бир болуштун сырттаны.
Бир миң бүтүп атагы,
Бир жылда эки кыркканы.
Султан менен Далаке,
Телтайдай мыкты чыкканы.

Көргөн жерде баатырдын,
Баары сизге ыктады.
Бактыра өлгөн ажы атам,
Сөзүн эч ким жыкпады.
Арбагы чоң баатыр ай,
Сиздей эч ким чыкпады.
Каршылашкан душманды,
Тизеге салып ныктады.
Жетимиш үчкө келгенче,
Сөзүн эч ким жыкпады.
Мамыталы, Дүрүңүз,
Баарын баатыр сүрөгөн.
Аш берем деп атама,
Акча малын үрөгөн.
Төрт болушта Бөлөкбай,
Бөлүп берген кунан-тай.
Заманында баатырдын,
Ар бир иши болгон шай.
Чал ажы мен Өтөгөн
Өкүмүңдү көтөргөн.
Казак, кыргыз баарысы
Бийлигин сизге өткөргөн.
Сулайман, Айдабосунду,

Акылы бар жосунду.
Бирдей көргөн баатыр ай,
Душман менен досунду.
Асыл менен сарбагыш,
Баарысыңа сиз калыс.
Жетпей калдык баатырга,
Көз көргөскө кетти алыс.
Үрүстөмбек мен Ырысбек,
Байлыгы ашкан Өзүбек.
Кабыл кылган ошолор,
Баатыр Шабдан сөзү деп.
Изат кылган баарысы,
Талашкан жок сизден кеп.
Ачуулансаң аларга,
Сөз айталбай турган тек.
Сарымсак мен Сагынай,
Зарлап баары сагынды.
Канча жандын баарысы
Кадырына багынды.
Алла тагла кудурет,
Артык кылган багынды.
Эч бир душман бет болуп
Сындырган жок шагынды.

Кара-Балта, Ак-Суудан,
Кадыры чоң сиз буудан.
Солто, бугу, сарбагыш,
Бири-бирине тең тууган.
Болгон менен тең тууган
Аларды сизден кем тууган.
Казак, кыргыз, оң, солдун
Баары сизге жем тууган.
Солтолордун Чолпонкул,
Чолпондой болуп чыккан ол.
Журттук кылып баарысы,
Берип жүргөн акча — бул.
Аты арыган Айылчы,
Ар жыйынга дайынчы.
Калтырмайды казалдан,
Акын молла шагырга.
Баатыр Шабдан мархум ай,
Баарыбызга кайырчы.
Жазып жүрөт баатырды,
Эл ичинде баары ырчы.
Бакыр менен жетимдин,
Барып алдың туткадан.
Өлгөнүңчө, баатыр ай,

Бир суук сөз укпаган.
Бай Сыдыгын Бошкойдун,
Баары сизге боздойду.
Байкап айтса акындар,
Баары жогун козгойду.
Казак, кыргыз баарысы,
Тизгин сизге бош койду.
Өтүп кетип ажы атам,
Баары кейип мостойду.
Ашмара мен Меркини,
Баары берген эркини.
Чамам келсе козгоюн,
Заманындан беркини.
Кумарык менен Чалдывар,
Куп айтсам сөз кандырар.
Кадырын билген атамдын,
Күйүп ичин жандырар.
Кең Таласка барайын,
Кетирбестен санайын.
Ошолордун баарынан,
Артык баатыр таалайын.
Саруулардын Жанкороз,
Таластан чыккан бир короз.

Кадырыңа баатыр ай,
Сөөк-тамыр болгон дос.
Төрт болушда Алакчы,
Сөзүн айтсам баары чын.
Баатыр атам мархум ай,
Колдоп жүргөн баарысын.
Бир дегенин беш берен,
Боло алган жок сизге тең.
Кызын берип кайтадан,
Болуп жүргөн сизге тең.
Күйөө кылып алдык деп,
Сүйүнүшүп кылган дем.
Элге тийген маанайың,
Артык ата таалайың.
Иледеги көп казак,
Билгенимче санайын.
Алматыда казактан,
Кутказган далай газаптан.
Баатыр атам чыкканда,
Кутулган кыргыз мазактан.
Касен менен Осмонду,
Алар сизди тосупту.
Байкап айтса акындар,

Баары жогун козгоду.
Кожомберди, Ногойбай,
Колдоп жүргөн шулардай.
Казак, кыргыз каны эди,
Алып кетти бир кудай.
Чомүч эли алгадай,
Көңүлү сизден калбады ай.
Өтүп кетти эр Шабдан,
Дүнүйөнүн жалганы ай.
Алматы, Пишкек топ болсо,
Айрып койчу сиз калыс.
Тескейде бар Кашкары,
Жедирбеген баш колу.
Казак, кыргыз, оң-солго,
Калаалуу коргон таш колу.
Тилек менен Жарылкап,
Дүмүңдү угуп зарылдап.
Акындары баатырга,
Өлөң айтат жарылдап.
Качыке менен Мырзабек,
Караган сизге баатыр деп,
Үй көтөргөн жолуна,
Баатыр келе жатыр деп.

Маке менен Саты мырза,
Айткан сөзгө бек турса.
Баары сизге байыр алды,
Баатыр атам көп турса.
Алтымышбай, Илияс,
Илиясы өткөн быйыл жаз,
Казак, кыргыз баарына,
Баатыр Шабдан эрке наз.
Ноорузбай мен Кенен кан,
Казактан чыккан үлкөн жан.
Анткен менен алардан,
Алыс кетти сиздин даңк.
Көкчө тоодо аргындар,
Келип сизге зар кылар.
Өткөн казак, кыргыздар,
Күйүп ичи жандырар.
Жети дубан чакырды,
Желкентти заман акыры.
Тил алдырган ажы ата ай,
Дини башка кафырды.
Алты дубан чакырды,
Арбагы жерди жапырды.
Чакырып алды ашына,

Алматы, Талгар, Чилекти,
Нече үйөс жыйылып,
Жыкты түмөн бийликти.
Ашка келди көп болуп,
Кызмат кылды төрт болуш.
Келген киши көптүгүн,
Облустан болжоңуз.
Аты чыккан адамдар,
Он миң теңге олжоңуз.
Нур Мухамед пайгамбар,
Маашыр күнү колдоңуз.
Алты күндө тарады,
Аргымак ат жарады.
Алматыда төрөлөр,
Суратын тартып тарады.
Жети күндө тарады,
Жеткилең күлүк жарады.
Мындан артык аш болуп,
Көкотойго барабы.
Конок алды нечен күн,
Конуп жатты күнү түн.
Кошогодо жаш балдар,
Кошуп жатат салып үн.

Кор болбойду колу уста,
Кол өнөрлүү чоң уста.
Жетимиш үч тагдыры,
Йазылган лахву махфузда.
Казак, кыргыз каны эди,
Калсын дедим бир нуска.
Кейип сөздү сүйлөдүм,
Үлгү болсун кыргызга.
Комуз билген адамдар,
Салып алсын комузга.
Үнүн кошсо жарашар,
Жана салсын добушка.
Жашы тургай угады,
Кемпир менен абышка.
Дуба кылсын ошолор,
Баатыр ажы даанышка.

### Шабдан ажыга жоногондо ырдаганы*

Маргалан менен Анжыян,
Малга жакшы базары,
Бар агайын кулак сал,
Баатыр Шабдан казалы.
Мартабасын биз баштап,
Эл кумарын жазалы.
Карап турган калайык,
Кан Шабданды мактасам,
Калмырза сөзү ылайык.
Казал айтам баарың ук,
Узун кулак сарыңа,
Уга турган кеп айтам,
Ушу отурган баарыңа.
Бактыда жүрөр эр Шабдан,
Мартабаң ашык бир жандан,

* Кыргыз эл ырлары. Түзгөн Б. Кебекова. — Бишкек, 1994.

Абалы кудай аты бар,
Асмандан түшкөн каты бар,
Азирети Осмон баш болуп,
Артынан өткөн чалыяр.
Кудайдын досу Мукамбет,
Мукамбетке биз үмөт,
Каржысы келген адамга
Ажыга баруу зор милдет.
Сапар кылды алыска
Эр жарачу намыска,
Башында баатыр ойлогон,
Медина, Меке барышка.
Кабыл болсун ажыңыз,
Кан болду кырк жыл башыңыз,
Баатыр аман келсе — деп,
Көздөн агар жашыбыз.
Кан Жантайдан туулган,
Катарда сиздей ким чыккан,
Агер чыкса бир чыгар,
Калыйпа менен Урумдан.
Калк — кара тал, Сиз — терек,
Калк кысылса — Сиз керек,

Калкың бирге кетүүгө
Каржысы жетпейт жан бөлөк.
Эл — кара тал, Сиз — терек,
Эл кысылса — Сиз керек,
Элиң бирге кетүүгө
Эби келбейт жан бөлөк.
Ар жерден уста алдырган,
Асемдеп мечит салдырган,
Калкым канаат алсын — деп,
Каржы жыйнап кам кылган,
Орунбордо окуган,
Молдо маалим алдырган,
Каржысын өзү көтөрүп,
Чогултуп бала окутуп,
Калк көңүлүн шаң кылган,
Эр Шабдандай ким болгон,
Кылган иши баатырдын
Бир аллага жөн болгон.
Аргымак кетсе из калар,
Артында асыл сөз калар.
Азап түшсө калкыңа
Аброю арткан пашага
Арага түшүп ким барар,

Акылын анын ким табар?
Күлүк кетсе из калар,
Күлдү журтта сөз калар,
Күйүт түшсө калкыңа,
Кадеми арткан пашага
Калка болуп ким барар,
Айласын анын ким табар?
Эми сөз баштайын далайдан,
Адигине, Тагайдан,
Эшкожо менен Канайдан,
Жедигер менен Мундуздан,
Жетимиш уруу кыргыздан,
Кушчу менен саруудан,
Курала журттун баарынан,
Сарбагыш менен солтодон,
Саяк менен бугудан,
Баатыр Шабдан мээрман,
Өзгөчө болуп туулган.
Эп келтирип айтайын,
Саяктан Медет өтүптүр,
Эсенкул менен Ормондун
Казакка даңкы жетиптир,
Эшкожо менен эр Канай,

Кыргыздан чыккан бир далай,
Ошолордун ичинен
Баатыр Шабдан бир даана ай.
Алайдан өткөн Алымбек,
Айта турган сөзүм көп,
Аялга кеткен арбагы,
Коконго бек болом — деп,
Арбыбай кеткен чарбагы,
Анын несин айтайын,
Көп алдында маалимдеп.
Бугунун лөгү Боромбай,
Эл башкарган Чыныбай,
Кан Шабдандын алдында
Экөө бирдей буюмбу ай.
Улуулугун айтайын,
Улуктан барып чин алган,
Кадырлуусун айтайын,
Казактан барып кыз алган,
Арага түшүп пашага,
Айдалганды бошоткон,
Кайрылып барып пашага
Камалганды бошоткон,
Айткылачы калайык,

Канча мактап айтсам да,
Кан Шабдандай баатырга
Калмырза сөзү ылайык,
Башына селде чалынып,
Баба динге жалынып,
Дубана барган Шабданга,
Ууру кылып көп сынган,
Кесел барган Шабданга,
Күн оокатын табалбай,
Кары барган Шабданга,
Казак, кыргыз мусулман,
Каржысы жетпей кысылган,
Баары барган Шабданга.
Мусапырга кой союп,
Койдун эти жетпеген,
Кожо, молдо, дубана,
Ошол үйдон кетпеген,
Кол кайырды мол берип,
Баатыр өзү эптеген,
Калк каржысы болсун — деп,
Карып-мискин тойсун — деп,
Күндо миң сом жыйнаган,
Бей-бечара жардыны

Жамандык ишке кыйбаган,
Кедейлер кейип келгенде,
Кара жанын кыйнаган.
Кудайы сурап келгенди
Курсагын абдан тойгуз — деп,
Жылуу үйгө жаткыз — деп,
Мусапырды сыйлаган.
Кайрымы артык Шабданды
Калың журту сыйлаган,
Сарты менен ногою,
Казак менен дуңганы,
Айтканымда калет жок,
Чындык кептин казалы.
Токмокто ногой, дуңкана,
Сагынар сизди бечара,
Сагынгандын себеби —
Өнбөй жүргөн доо болсо,
Өкүм кылган кан Шабдан,
Бербей жүргөн бексулга[1]
Бөгөт болгон кан Шабдан.
Баатыр Шабдан кеменгер,

[1] Бексул — вексель.

Аман барып, аман кел,
Ак боз бээни жүз сойсо,
Атын Шабдан жүз койсо,
Казак менен кыргыздан
Асты чыкпас сиздей эр.

### *Шабдан ажыдан келгенде корүшүп ырдаганы**

Оо баатыр, кабыл болсун ажыңыз,
Кан болду кырк жыл башыңыз,
Сиз ажыга кеткенде
Баатыр аман келсе — деп,
Көздөн акты жашыбыз.
Ажынын аман келгени,
Элин эсен көргөнү —
Куп туюнтту жүрөктү,
Кудай берди тилекти.
Жалпы журтум сүйүнгүн,

* «Акындар» сериясы. — Бишкек: Шам, 1998.

Башыбызга сайынган,
Бардык пенде сыйынган,
Таажыбыз келип калыптыр,
Шаңшып тоодон үн салып,
Шумкар келип калыптыр,
Кучагын жайып калкына,
Мээримин төгүп жалпыга
Камкорум келип калыптыр.
Тамам жылдыз ичинде
Нурун төгүп жаркырап,
Чолпон келип калыптыр,
Жарык кылып жер жүзүн
Айыбыз келип калыптыр,
Жылуулук берип калкына
Күнүбүз келип калыптыр.
Төрт тарабы шайма-шай,
Төгүлүп турган каймак-май,
Байыбыз келип калыптыр,
Чарчап барсаң чаалыгып,
Капага башың малынып,
Жайланып жатчу жайма-жай,
Жайлообуз келип калыптыр.
Калкын турчу кайтарып,

Душмандын мизин майтарып,
Каныбыз аман келиптир,
Жалпы журтум сүйүнгүн,
Кудай жалпы бериптир.
Тоо булбулдай сайраган,
Топко тилин кайраган,
Чеченим келип калыптыр.
Атсыз барсаң ат берчү,
Ачка барсаң аш берчи,
Кечиктирбей бат берчи,
Мартым келип калыптыр.
Тоонун суусун бойлогон,
Топтун жайын ойлогон,
Калысым келип калыптыр,
Карагай өрдөп бойлогон,
Калктын жайын ойлогон,
Намысым келип калыптыр.
Орус менен тил тапкан,
Ош, Ташкенге жол чапкан,
Ойронум келип калыптыр.
Күмүш эмес, мис эмес,
Алтын келип калыптыр,
Күндө журтка пайдалуу,

Ажыбыз келип калыптыр.
Тоо суусундай таптаза
Тунугум келип калыптыр,
Агайын-тууган биригип,
Алланын жолу ушу — деп,
Ак боз бээни байлашып,
Ай туякка чалыптыр.
Төрт ай болгон кеткени —
Төрөмдүн аман жеткени,
Беш ай болгон кеткени —
Бегимдин аман жеткени.
Алты ай сапар жол жүрүп,
Арып-ачып мол жүрүп,
Тобо-топук кылган эр,
Акка моюн сунган эр,
Аллага жагып кылганы,
Ак калпак кыргыз көп журтун,
Аман-эсен көргөн эр.
Баатыр ажы, эр Шабдан,
Мартабаң сиздин көп ашкан,
Ашкан жерин айтайын,
Баатыр сени каалаган,
Калыстыгын баалаган,

Казак менен калмак бар,
Дунган менен сартың бар,
Орус менен ойрот бар,
Таранчы менен ногой бар,
Жетпеген сизге далай бар.
Сизден мурун илгери
Өткөн эрди айтайын,
Саруу, кушчу көп журтта
Ажыбек, Бүргө болгон — дейт,
Ажыбек датка аталып,
Кокондук кандан кат алып,
Мекеге барып, бата алып,
Салтанаты толгон — дейт,
Анын мартабасы озгон — дейт,
Суу сураса, май берип,
Суусуну кана ичсин — деп,
Байтал кымыз бал берип,
Казы, карта жал берип,
Байлыгы ашып толгон — дейт.
Оң менен солго даңктанган,
«Манас» айтып барк алган,
Балыкты урмат кылыптыр,
Жетим менен жесирди

Өз жанына жыйыптыр.
Каранын ханы кан Бүргө
Туу көтөргөн элине,
Чат-Базар, Кара-Ой жерине,
Мөөрүн баскан катына,
Кокон менен жоолашып,
Кыргыздын кунун доолашып,
Кокон кандын тыңчысы,
Майып кылган баатырды,
Билинбей келип калкына,
Айтамын сөздү жалпыңа.
Кайран баатыр өткөн соң,
Капыстан ажал жеткен соң,
Туусу калган ийилип,
Кушчу ичинде каратал,
Аза күткөн бүлүнүп,
Солто менен сарбагыш,
Ат чаптырып алдырып.
Калыс кылган Бүргөнү,
Калайык калкка белгилүү
Калканын кийип башына,
Ажыбекти аркалап,
Калкын жыйып калкалап,

Кан Бүргөнүн жүргөнү.
Бек атасын бек айткан,
Алды, артынан сөз каткан,
Шербет кыздын кошогу,
Кушчу менен сарууга,
Жалпы кыргыз баарына,
Белгилүү кылган ошону.
Атагы калсын артында,
Урмат кылган калкында,
Бүргөнү сөзгө кошолу.
Айтылуу саяк элинде
Качыке, Медет ажы бар,
Арага жүргөн баарына
Кан Шабдандай кими бар,
Калмырзадай ырчынын
Калк туусу баатырды
Мактай турган жөнү бар.
Орустардын пашасы
Сынамакка жиберген,
Анжыян, Кокон, Наманган,
Ташкен, Алай жерине,
Кулак салгын кебиме,
Анда да келген көрүнө.

Баалап турам тегинди,
Баса айтамын бегимди,
Көрүп турам тегинди,
Коктоп айтам бегимди.
Баатыр Шабдан ажыбыз,
Каралашар каржыбыз,
Оруска оён болгон — дейт,
Калың кыргыз элине
Катарлап салган коргон — дейт.
Сарбагыштан илгерки
Эсенкул менен Ормон — дейт,
Эски адамдар көп мактайт,
Алар да мыкты болгон — дейт.
Кан аталган Ормонуң
Саяктарды соргон — дейт,
Карабек уулу Жантайды
Жиберип жигит айдатып,
Тизелетип койгон — дейт,
Амалы күчтүү эр Ормон,
Алдап колго түшүрүп,
Кененсары, Норузду
Катары менен сойгон — дейт,
Айтпай койсом болбостур,

Каары күчтүү кан Ормон,
Калкын жоодон куткарып,
Туусун тигип койгон — дейт,
Өз кезинде бу дагы
Кыргызга коргон болгон — дейт.
Кары адамдар кеп айтат,
Калпысы жок эп айтат,
Ниязбек уулу Ормон кан,
Зөөкүр адам болгон — дейт,
Бугу менен саяктын
Арманы ичке толгон — дейт,
Бугулар менен чабышып,
Болбогон иштен карышып,
Өзү да мерт болгон — дейт,
Кан атагын алса да,
Өз букара колунан
Ажал таап кеткени,
Калкка өткөн кадыры
Сизге кайдан жетмеги.
Солтодон чыккан илгерки
Эшкожо менен эр Канай,
Мартабасы, бактысы
Сизге жетмек бир далай.

Адигине Алымбек,
Арбагы кетти катынга
Несин айтам маалимдеп.
Боромбай менен Чыныбай,
Баатыр Шабдан төрөм ай,
Барк кылбаймын муну да ай
Жазы саяк көп журттан,
Атантай, Тайлак өтүптүр,
Мартабасы, бактысы
Баатыр, Сизге кайдан жетиптир.

Ушунтип айтканда Шабдан «Балам, бөлөккө теңесең да Тайлак, Атантайга теңебечи» — деп чочуп кетет. Анда Баяке: «Өлгөн арстандан тирүү чычкан — дейт. Алар болсо өлүп калды, биз тирүү турабыз. Ырчы бечаранын жаагын жаппаңызчы, баатыр» — деген экен[1].

---

[1] Шабдан абийирдүү адам болгондуктан, өз элинин көз каранды эместигин коргоп, кытай төбөлдөрү, калмак, кокон кандары менен кармашып, баатырлыкты, эрдикти көрсөтүп, жашап өткөн адамдардын өзүнөн төмөн бааланышынан уялган көрүнөт.

Кыдыр чындап даарыган,
Кырк жигитиң жарыган,
Бак караган бир күнү,
Катары менен бир түнөп,
Кеткен экен бир түнү.
Үзүлгөндү улаган,
Адилдик менен сураган,
Чачылганды жыйнаган,
Дин мусулман баласын
Жамандыкка кыйбаган.
Жарды адамды көргөндө,
Жакынындай сыйлаган,
Жаш адам өтүп кеткенде,
Жанын кыйнап ыйлаган,
Жанындагы жарыган,
Учундагы узарган,
Калп айтпаган карысы,
Ажы болду баарысы.
Аксакалың Баяке,
Айлың барды ажыга,
Ак элечек оронуп,
Зайбың барды ажыга,
Жарты чака пулу жок,

Жалдап алар кулу жок,
Эрмек болуп баатырга
Куудул барды ажыга,
Бул сыяктуу кыргыздын
Кимиси барды ажыга?
Мамыт, Төлө аты уйкаш,
Иниң барды ажыга,
Бул сыяктуу кыргыздан
Кимиң барды ажыга?*

---

* Шабдандын Шааке деген аялы Мекеге кошо барган экен. Элден жыйналган материал боюнча куудул Карачунак Шылдыр уулунун көп окуялары Шабданга байланыштуу айтылат. Жанында эрмек болуп көп жүргөн көрүнөт. Манап Мекеге жөнөгөндө а да ээрчип бирге бармак болот. Ага Баякенин жини келип, токтотуп коймок болгондо Шабдан: «Жөн кой, жиндини, аркы-беркини сүйлөп эрмек болуп барып келсин» — деп күлгөн экен. Аларды ээрчип Мекеге барып, ажы болуп кайтат. Ал жерге барганда да куудулдук кылык-жоругун көрсөтүп, Баякенин ишенимине өтүп, каарынан кутулат.

Жылкы бул болгону —
Жабагы менен тай кымбат,
Кой бул болгону —
Кадактап саткан май кымбат.
Караңгыда ай кымбат,
Кадырын билсең бай кымбат.
Күзгө маал болгондо,
Кызылын бөлүп алууга
Кызыл бороон жел кымбат,
Эки дубан баш кошсо,
Эрегишкен иш болсо,
Баатыр Шабдан сиз кымбат,
Масел сөздү баштаган,
Байкасаңыз биз кымбат.

### *Солтобайдын Шабданды мактаганы**

Торого барып, жол тапсаң,
Тегеректен мал тапсаң,

* Кыргыз эл ырчылары. Түзгөн Б. Кебекова. — Бишкек, 1994.

Төбөгө келген заманбы,
Төрөгө барып кол берген,
Төрө Шабдан аманбы?
Пашага барып, жол тапсаң,
Пайда кылып, мал тапсаң,
Башка келген заманбы,
Падышага кол берген,
Баатыр Шабдан аманбы?
Уласалар учурткан,
Улукка тууган эрсиңби,
Учурашар шерсиңби,
Улук Шабдан сенсиңби?
Акылга толук байсыңбы,
Азып келген азамат
Буга Алайдан кең жайсыңбы?
Алтындан ойгон мөөрүңдү
Ак падыша чакыртып,
Сенин тапкан эмес өөнүңдү.
Күмүштөн ойгон мөөрүңдү
Күрдөөлдүү топ чогулуп,
Сенин тапкан эмес өөнүңдү,
Баатыр төрөм сен көрдүң,
Далай сонун кыйынды,

Кашыңа жыйдың жыйынды.
Бирге сунгун колуңду,
Түзөсүн кудай жолуңду.
Тектүүлөрдүн баарысы
Терип айтат тегиңди.
Байын[1] табар эбиңди.
Жантайдын уулу эр Шабдан,
Эр Шабдандын тушунда
Эки болуш Тынайдын
Жардысы жок бай болгон,
Ичкени кызыл чай болгон,
Жегени азоо тай болгон.
Бистон[2] болгон атканы,
Мамык болгон жатканы.
Шумкар болгон салганы,
Сулуу болгон алганы.
Карчыга болгон салганы,
Каныш болгон алганы.
Күлүк болгон чапканы,

---

[1] Байың — Солтобай өзү жөнүндө айтып жатат.
[2] Бистон — пистолет.

Күмүш болгон тапканы.
Жантайдын уулу эр Шабдан
Журт үстүндө турады,
Токмоктогу солдатты
Малайындай урады.
Тогуз уруу калмакты
Чыңгыш бучук сурады.
Четке кеткен черикти
Темир барып бурады.
Алагуш, Маамыт он болду,
Ар тараптын баарысы
Алдыңа келип жем болду,
Жаманың жакшыга тең болду.
Карабек уулу кан эле,
Баарысы бирдей нар эле,
Баяке кулдун оозунда
Аз бузугу бар эле.
Эр Шабданга көкүткөн
Манапбайдын иши эле.
Чыныбай менен Манапбай
Экөөнүн курбу теңдиги ай.
Эки болуш тынайды
Манапбайга сураткан,

Эр Шабдандын кеңдиги ай.
Соодагер минди күлүктү
Ырысыңа туш болду
Кара-Кужур, Төлөктү,
Катмары менен жол кылдың,
Тогуз-Торо — черикти.
Булкунтуп миндиң бууданды
Музоодой кылдың төмөнкү
Түнкатар, Каба тууганды,
Соодагер минди эшекти
Сонун да таптың эсепти.
Солкулдатып кыз алып,
Кайтардың калктын намысын
Кокондук кылган кезекти.
Көрдүң сонун далайды,
Айдап жүрүп караттың,
Анжыян менен Алайды.
Азирет кудай жар болуп,
Атретке[1] баш болуп,
Анжыян барсаң жол болгон,
Азаматың кийгени

---

[1] Атрет — отряд.

Ала мойнок тон болгон,
Маргалаң барсаң жол болгон,
Балдарындын кийгени
Кызыл мойнок тон болгон,
Кудайга ишиң оң болгон.
Каяша берген кыргыздын
Тизгинин кайра каңтардың,
Карды салык байлардын
Казынасын аңтардың.
Чоң-Кемин менен Көк-Ойрок
Конуш кылдың эр Шабдан.
Артындагы Мамытты
Болуш кылдың эр Шабдан.
Сары алтын таптың бокчолоп,
Солдатты алдың ноктолоп.
Кара жоолук жаптырып,
Каттооруңа үй кылдың,
Кара Кужур, Төлөктү.
Ырыскыңа туш кылдың,
Ысар менен Көлөптү,
Алматы менен Челекти.
Сарбаздардын баарысы
Сарпай кийди чыгаарда

Санатыңдын баарысы
Самаркан менен Букарда.
Кабарың кеткен Кырымга
Калпыңды баатыр чыгарбайт,
Калийпа, Султан Урумга.
Сарпайды алдың бокчолоп,
Күлүктү алдың ноктолоп,
Ардактаган тулпарды
Адырга минсе тер чыкпас,
Ак калпактуу кыргыздан
Артылып сенден эр чыкпас.
Кынабы келген тулпарды
Кыяга минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргызда сенден эр чыкпас.
Алдуусунбай эч кимге
Оорутпай көөнүн адамдын
Олуя экен эр Шабдан
Ойлосом ошол замандын
Ак сакал келсе бата алып,
Астына чөгүп, жол берип,
Адашкан келсе, чогулуп,
Ажатын ачтың мол берип.

Карыя келсе, бата алдың,
Казы, карта жал берип,
Календер келсе чогулуп,
Кабагын ачтың мал берип.
Коо бузган күлүк миңгиздиң,
Кокондон келген калпага
Эсенкул, Тынай мас болду,
Эр Шабдан сенин аркаңа.
Караңгынын жарыгы
Шамы болдуң кыргыздын,
Айдалганда токтогон,
Тамы болдуң кыргыздын.
Кеме жүргөн дарыя
Суусу болдуң кыргыздын,
Адашканда жоктогон,
Туусу болдуң кыргыздын.
О великий хан Шабдан!
Конь мой взмыленный устал,

## САГЫМБАЙ

### Сагымбайдын кошогу

Шабдан 1912-жылы апрель айында дүйнөдөн кайтат. Шабдандын Төлө деген иниси бийик мунар көтөрүп, көпчүлүктүн алдында Шабдан жөнүндө коштурат. Кыргыздын кернейин тартырат. Сагымбай кошогун керней коштойт.

«Эч ким качып кутулбайт.
Эр Сулайман баргандан,
Эшитип журттун башаасы,
Эр Шабдан көчтү жалгандан!
Барбай адам калабы,
Байгамбарлар баргандан?
Байкап журтум кулак сал,
Баары журттун атасы,
Баатыр көчтү жалгандан!
Түн киргендин жарыгы
Шам жыгылды кыргыздан,

Түгөл кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!
Караңгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан,
Калың кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!
Күнөөкөргө күн батты.
Күрдөлдүү кылжыр көп журтун
Күйгүзүп Шабдан эр жатты!
Боролдой, Кемин жер жатты
Боз үйлүү журтка ай батты,
Богорстон, Койлон, Кылжырдан,
Боздотуп Шабдан эр жатты,
Салындың богоо — чениңди,
Зарлатып караан таштадың,
Сарбагыш, бугу элиңди!
Азырет кудай жар болуп,
Айдап жүрүп караттың
Анжиян менен Алайды.
Атайы каран таштадың
Адигине, Тагайды!
Ардактаган тулпарды,
Адырга чапса тер чыкпас,

Адигине, Тагайдан,
Ак калпактуу кыргыздан,
Артылып сендей эр чыкпас!
Кынабы келген тулпарды,
Кыйнап минсе тер чыкпас,
Кылжырдын уулу мактанып,
Кыргызда сендей эр чыкпас!
Ондуусунбай кишиге,
Оорутпай көөнүн адамдын
Олуя эле эр Шабдан.
Ойлосом ушу замандын,
Коо бузган күлүк мингизген,
Кокондон келген калпага
Эсенгул, тынай мас болду,
Эр Шабдан сенин аркаңа!
Баатыр Шабдан аркасы,
Балдары өскөн сөөлөтко,
Байгамбардай сабыры,
Мас болбоду дөөлөтко,
Карабек уулу кан болуп.
Чоро менен Черикти,
Темир, болот, черикчи!
Ошолордун баарысы,

Сизге берген эрикти!
Кайкалады соолотко,
Касиеттүү бу баатыр
Качан көптү дөөлөткө?!
Кары келсе бата алган,
Казы, карта, жал берип,
Календер келсе чогулуп
Кабагын ачкан мал берип,
Ак сакал келсе бата алган,
Астана төгүп жал берип,
Адашкан келсе чогулуп,
Ажатын ачкан мал берип,
Акылың артык даана элең,
Адашкан эрге маана элең!
Кеңешиң артык даана элең!
Кейиген эрге маана элең.
Жедигер менен мундуздан,
Жетимиш уруу кыргыздан.
Кутчу менен саруудан,
Курама журттун баарынан.
Саяк менен бугудан
Зар ыйлады үч дубан,
Санаасынан чыгарбас,

Сан сарыбагыш өз тууган.
Эсенгул менен тынайдан
Солтонун мыкты чоңдору
Эшкожо менен Канайдан
Мөмөлүү жыгач бүгүлдү
Мөмөлөр төгүлдү,
Он төрт болуп сарбагыш
Эми сизден түңүлдү!
Маргаланды майтарган,
Барган жоосун кайтарган,
Баатыр, ажы, башыда
Артык тууган Жантайдан!
Карабагыш, чоңбагыш,
Ак калпактуу кыргыздын.
Ортосунда сиз калыс!
Дөөлөс менен тейиттен,
Аттанып кетип дүйнөдөн.
Калкыңды минтип кейиттиң.
Сары толто бычактан,
Сандап жаткан кыпчактан
Тору-Айгыр күңгөй саягы
Күйгөндө саяк табабы.
Баатыр, ажы, бадыша

Өтүп кетти дүйнөдөн,
Казак-кыргыз тыягы,
Анжиян, Кокон, Наманган,
Быягы орчун чоң Ташкен,
Каратып берип аларды,
Падышадан алдың чен!
Обурагың озгон кылымдан,
Кабарың уккан Индыстан
Өтүп кеттиң бир туйгун,
Эми туударбы сендей кыргыздан?!

## Шабданга коюлган эстелик

Шабдан 1912-жылы жазында каза болуп, 32 болушка кабар айтылат. 500 үй тигилип, Тынай эли бүтүн конок күткөн. Шабдан баатырдын көзү өткөндүгү жөнүндө ошол кезде чыгып турган «Туркестанские ведомости» газетасынын 6-майдагы (№ 101) санына «Последний из могикан» деген ат менен Г. Ю. деп кол коюлган автордун некролог-макаласы басылып, анда төмөндөгүдөй сөздөр жазылган: «6 апреля в Токмакском уезде Семиреченской области в своем имении скончался заслуженный киргиз из рода кара-киргизов майор милиции Шабдан Джантаев. Покойный принадлежал к тем деятелям туземцам, которые своим личным влиянием на некультурные туземные массы, помогли завоевателям Туркестана и его

устроителям установить добрые отношения между завоевателями и побежденными. Они своим личным участием помогли проводить культурные начинания в среде мусульман устроителю Туркестана К. Т. Фон-Кауфману.

В первое время после завоевания Туркестана, туземцы, не понимая своей выгоды от этого исторического пути относились враждебно к русским пришельцам в новый для них край. На помощь русскому правительству тогда пришли почетные туземцы, оказавшие большую услугу завоевателям Туркестана.

Среди этих людей, надевших русские мундиры и лично участвовавших в походах, особенно выделялись покойные генерал Джурабек, полковник Бабабек и майор милиции Шабдан Джантаев. Эти люди были любимцами как завоевателей Туркестана, так и его первых генерал-губернаторов. Услуги, оказанные этими лицами русскому правитель-

ству, были по достоинству оценены в своё время Скобелевым, Кауфманом, Черняевым, Колпаковским и другими Туркестанскими генерал-губернаторами.

Ныне скончался последний из этих могикан Шабдан Джантаев. Покойный имел два военные ордена за личное участие при генерале Скобелеве в Кокандском походе. Кроме того, он участвовал в Алайском, Кульджинском и других походах.

Как почетный представитель туземцев, он в качестве депутата был послан в Петербург и Москву на разного рода торжества.


Покойный громадным влиянием и уважением пользовался среди своих сородичей. Все спорные вопросы и тяжбы разрешались при участии и слово его всегда имело решающее значение. Этим он за всё время своей жизни оказывал неоценимую услугу как своим сородичам, так и русским властям.

Скончался покойный семидесяти лет, оставив после себя многочисленное потомство, из которого многие также честно служат русскому правительству, состоя на государственной службе.

Жил покойный скромно и как говорят его близкие, не оставил после себя средств, чтобы обеспечить своих близких».

Шабдан өзүнүн мечит-медресесинен анча алыс эмес жерге коюлуп, күмбөз салынат. Ташка чегип жазган эстелик орнотулат. Күмбөзү бизге чейин сакталып жеткен жок. Ал эми эстелик ташы бүгүнкү күнү да кадимкисиндей сакталып турат. Аны биз 15—20 жыл мурун атайын барып көрүп, сүрөткө тартып, бетиндеги жазууларынын көчүрмөлөрүн-эстамптарын кагазга түшүргөнбүз. Окуп, жазууларды чечмелөөгө аракет жасаганбыз. Эстеликтин узундугу эки метрдей, туурасы 62, калыңдыгы 12 см келген катуу боз гранит. Төрт бурчтук формасында жерге орнотууга ылайык-

талып чегилип жасалып, тикесинен тургузулуп коюлган. Эки жак бетине араб тамгасында толтура жазуу чегилген. Күн чыгыш жакты караган бетинде түз, кыйгач, өйдөтөн төмөн карай чегилген 16 сап жазуу бар (сүрөттү караңыз). Экинчи бетинде 13 сап кооз рельефтүү жазуу чегилген. Бул ыкма татаал, аткарууга кыйынчылыктары болгону менен эстеликке өзүнчө бир көрк берип турат. Муну кыргыздарга арналган эстеликтерден биринчи жолу учураттык. Эстеликтин жогору дагы (төбөсү) бир кезде киши колдуу болуп сындырылганына байланыштуу эки жагынын тең биринчи саптары жок болгон. Күн чыгыш жагындагы жазуу «углынынг» деп башталганына караганда, ал сөздөн мурун «Шабдан баатыр Жантай баатыр...» деген сөздөр болгонун оңой эле болжосо болот. Эми ошол жазууну ары карай толук окуп көрөлү: ... углынынг (3) зыяраты. (3) Ушбу ирда (4) аталары Карабек (5) Ата-


وجه ربك ذو الجلال والاكرام

ке баатыр, атасы Тынай баатыр, (6) насли кыргыз (7) Сарбагыш урукыдан, (8,9) Алла Таала жан-алфардавистан жайини (10) айлагай эйди, оомийин. (11) Хат йазган казак молла (12) Балдак. Түлөкожо (Төлө ажы болушу мүмкүн — Ч. Ж.) кылдырды (жаздырды), (13) Түбүн ойлаб. Йаранлар (14) ушбу дүнйа жансерат, (15) кетади вакты келса (16) бир күн алдаб. Сана 1912-милади, 1330-хижра. Экинчи бетиндеги жазуудагы жакшы окула элек айрым сөздөрүн эсепке албаганда негизги мааниси төмөндөгүдөй: «... сенин теңириң ызаат жана сыйдын ээси... Сарбагыш элинин эки ыйык шаарга ажыга барган Шабдан баатыр Жантай уулу 1330-х(ижрада), 1912-м(илადида) жаз айынын 17исинде жума күнү 73 жашында бул жалган дүйнөдөн түбөлүк жайга сапар тартты. Маркум кыргыз-казактын эң кадыр-барктуусунан болчу. Россия өкмөтүнүн Азияны жеңген доорунда зор кызмат көрсөтүп, өкмөт тара-

бынан войсковой старшина чинин алган эле. Алланын рахматы болсун...» Эки жазуунун тең этегинде кыргыздын оймочиймелеринен, орнаменттеринен салган коoздук түшүрүлгөн. Эстеликтеги жазуулар менен жакыныраак таанышкан учурда ошол мезгилде кыргыздардын арасынан арабча окуп, жазып калган сабаттуулар чыгып калганына карабай буга окшогон жазууларды башка улуттун өкүлдөрү, б. а. билимди, окууну тараткан, диний миссияларды аткарган молдолор чегишкенин көрөбүз. Кыргыз эстеликке «мындай, минтип жаз» — деп көрсөтмө бергенине карабай, алар кыргыз тилин таза билбегендиктен ал өзү мурун көрүп же жазып жүргөн традицияга айланып калган формада, ыкмада араб, чагатай, татар, казак-түрк элементтерин киргизип, айрым учурда китептин стилине да сала коюп жиберген. Анткени Орто Азияда, Казакстанда Октябрь революциясына чейин китептин — му-

сульман-түрк жаргону, өзүнчө бир тил тарагандыгы, ал тилде жазылганда тигил же бул тилдин өзүнө тиешелүү өзгөчө белгилери сакталбай калгандыгы белгилүү. Ошону биз ушул Шабдандын эстелик жазуусунан да көрөбүз. Ушул жагынан алып караганда мындай эстеликтердеги жазуулар дагы терең изилдөөгө алынышы керек. Мындагы оймо-чиймелердин тегерегинде айрым этнографиялык экскурстарды, салыштырууларды жасоого болот.

Шабданга коюлган бул эстелик ташты, андагы жазуулар жөнүндөгү маалыматтарды биз биринчи болуп басмага берип, сүрөттөрүн, тексттердин көчүрмө-эстамптарын биринчи жолу жасап, биринчи илим чөйрөсүнө киргизип жатканыбызга сыймыктануу сезими менен карайбыз. Бул эстеликтин мааниси улам барган сайын элибиздин, маданиятыбыздын, тилибиздин тарыхы үчүн баа жеткис боло берет.

## ОСМОНААЛЫ СЫДЫК УУЛУ

### Шабдан казалы

Ауузу биллахи бисмилла,
Ля хавла хав кала.
Сыйынганым бир Алла,
Шу дүнүйө жалганда.
Таң макшаары болгондо.
Күнүң менен түнүндө,
Тирүүң менен өлгөндө,
Сак-саламат жүргөндө,
Кеңдик менен тарлыкта,
Кейиш менен шаттыкта,
Медет бергин бир Алла,
Бу дүнүйө жалганда!
Кадыр мавлян кудайым
Өзүң медет бербесең.
Падышабы, жакырбы,
Алсыз пенде карыпмын.
Элге кызмат болоор деп,

Тарых китеп жазыпмын.
Кадыр мавлян кудайым
Өзүңдөн медет сураймын.
Атам, энем устатым,
Замандашым, муңдашым.
Улутташым, диндешим,
Сабакташым, курдашым,
Катын, бала, сырдашым,
Кадыр алла кудайым,
Шаттуу кылсын барчасын,
Жамандыктан сактасын.
Жерибизге бак берсин,
Башка балаа келбесин.
Бу дүнүйө жалганда,
Бенде сүйбөс тардыкты.
Кантип адам сүйбөсүн,
Байлык менен шаттыкты.
Кайдан сүйсүн пендеси.
Башка келген карлыкты.
Сүйбөс пенде өлүмдү,
Бул ажалдан кутулуп,
Калган пенде көрдүңбү?!
Сайран кылган кан Баатыр.

Көлү соолду көк-жашыл,
Көрөсөндүү кан Баатыр,
Баатыр кетти жалгандан.
Кутулууга себеп жок,
Ажал тагдыр алгандан,
Баатыр Шабдан ажыдан.
Артык адам ким болгон?!
Жүргөн жери той болгон.
Ар бир иши оң болгон.
Кайда болсо Эр Шабдан
Калган эмес кадырдан.
Кыргыздан мындай болбогон,
Марттыгынын чеги жок,
Артык эле болжолдон.
Ажал тагдыр келген соң,
Баатыр кетти жалгандан.
Кутулууга себеп жок,
Ажал өлүм алгандан.
Кимге опаа кылчу эле,
Бу жалганчы дүнүйө.
Эчен, эчен пайгамбар,
Элчи келген дүнүйө.
Отуз үч миң сааба,
Төрт чар кеткен дүнүйө.

Жер жүзүндө жаныбар,
Кетип жатаар күнүгө,
Такта олтуруп кан болгон,
Шаалар кеткен дүнүйө.
Нече-нече Афлатун
Аким кеткен дүнүйө.
Нече-нече Атантай,
Сакы кеткен дүйүнө.
Калкка кайыры көп тийген,
Байлар кеткен дүнүйө.
Пендеге пайда кылбаган,
Бакыл кеткен дүнүйө.
Жалтыраган көк-жашыл,
Көркү кеткен дүнүйө.
Жалпы кыргыз туугандын,
Бөркү кетти бу күндө.
Кызыл, жашыл, сарала,
Гүлү солду бу күндө.
Күндө жыйын курулган,
Баатыр көчтү бу күндө.
Баатыр өлдү дегенде,
Кыргыз тууган азап жеп,
Аза күттү беренге.
Карып менен бакырга

Атасындай көрүнгөн.
Дубанага ат берген,
Садаганы көп берген,
Кур калбады «күү» деген.
Эшен болсо кол берген,
Кожо келсе үйүнө,
Тогуздап тогуз ат берген.
Аны угуп ар жактан
Кырым десең Ирандан,
Кыргыз эмес чаркештен,
Анжиян, Кокон, Ташкенден,
Кашкар, Капал, Челектен,
Букар турмак Индустан,
Күн чыгышта Кулжадан,
Келе берди ар жерден.
Биз эшитип билгенден,
Күн батышы Мекеден
Аны уккан жарандан
Келбеген адам калбаган.
Кожо болуп сарт келди.
Ким болосуз дебеди
Эсеби жок бергени
Келе берди алганы.
Бергенден башка билбеди,

Баатыр Жоомарт жан эди.
Анжияндан бек келди,
Келген бекке үй берди,
Алдына минээр ат берди.
Сиздей адам болбоду,
Акун келсе ат алды...
Аким болсо акча алды.
Кыргыздан чыккан манаптар,
Күлүк менен жорго алды.
Албаган адам калбады
Кыргыз менен казактан,
Жетим-жесир жалчыдан,
Бири куру калбады.
Казак менен кыргыздын
Башына азап иш болду.
Зарын айтып зарлады,
Мен жакшымын дегендер,
Эл эгеси болгондор.
Башка түшкөн сотунан,
Куткарды азап торунан.
Ушундай эле эр Шабдан,
Падышадан чен алган,
Башчы болгон урушта,
Анжианды караткан,

Андан ары Алайга
Маргалаң менен Коконго,
Акыры барган шолорго.
Ушундай кылган кызматы,
Ошол шаарды каратты.
Анда Кокон заманы,
Бардаңке жок колунда,
Бистон анда болбоду.
Кулагына таш байлап,
Мылтык алган аскери.
Алардын шондой амалы.
Анжиянды камады.
Урушууга бек келди,
Нече түркүн сарт келди,
Шейитпиз өлсөк деп келди.
Насыйкатты албады,
Урушпа десе болбоду.
Атамдын тилин албады,
Нече кабат курчады.
Кайратына турбады.
Алымбектин балдары
Аша качты Алайды.
Таштап кетти карабай,

Мал-мүлк, катын, баланы,
Анда өлдү барганы.
Кайта келди калганы.
Сартта кыраат болсо да,
Кана «кыйрат» кылганы.
Эче жылы кан болду.
Бир кайратка келбеди,
Колго кирген калкына
Бир да пайда бербеди.
Таалим берип өнөрдөн,
Өнөрдөн кабар албады.
Шол себептен оңбоду,
Каршылашып турбады,
Каршы турса сулады,
Качуудан башка болбоду,
Наадандыкта азыр да
Замандын жайын билбеди.
Көрүнгөндү тилдеди:
— Капыр экен бул деди.
Башында жок селдеси,
Узун чапан кийбеди,
Көзүн бизге сүзбөдү,
Аса алып колуна,

Мазар кыдырып жүрбөдү.
Усул жадид окуган,
Капвр иши бул деди.
Илим билбес нааданы,
Мазак кылды биздерди.
Кокон Ташкен молдосу,
Мектеп ачты билгени[1].
Казы, раис дегени,
Арам деген биздерди.
Илими жок урганы,
Шол калкты бузганы
Анжияндык туугандан
Алымбек менен Курманжан,
Алар да өттү жалгандан.
Коконго барып кан болгон,
Алымбек датка зор болгон.
Эри өлгөн соң Курманжан,
Кокондун барып канынан

---

[1] Камилдин казы Коконго 11 миң сомго мадресе салдырган. Усул жадид молдолорун алып барып койгон. Бартал карталар бар. Маалим Махмуджан Ташкен дагы бар. (Шилтеме Осмонаалы молдонуку).

Даткалыкка жол алган.
Катын да болсо Курманжан,
Бактылуу болду адамдан.
Даткалыктан түшүрбөй,
Ызат кылган эр Шабдан.
Көрсөткөн пайда ал жактан,
Болбоду пайда балдардан,
Жана акимдерден чен алган,
Ар бир айткан жообуна,
Сураган аким кубанган.
Акылман болгон Курманжан.
Кошулабыз түбүндө,
Адигине, Тагайдан.
Эр Шабдандын атасы,
Өз атасы кан Жантай
Атакеден таралган.
Жантай менен Ормонкан,
Эркин эле ол заман.
Төрөгелди баатырдан,
Казак менен кыргыздан,
Чоңдору жок булардан,
Ошондон чыккан эр Шабдан...

АБДЫЛДАЖАН АКМАТАЛИЕВ

## Шабдандын образы корком адабиятта

«Баатыр» деген сөз кылыч чаап, найза сайып жүргөн тарыхый инсандарга гана эмес, эл ичиндеги кадыр-барктуу, март, жоомарт, акылдуу, адилет, боорукер, айкөл, кең пейил, чечкиндүү мүнөздүү адамдарга карата да кеңири колдонулат. Мына ушул сапаттардын көбү кездешкен, бүгүнкү күндө легендага айланып кеткен тарыхый инсандардын бири — Шабдан Жантай уулу. Анын кыргыз элинин коомдук-саясий өнүгүшүнө, ар түрдүү элдердин карым-катнашынын чыңалуусуна зор салым кошкон дипломат, саясатчы, коомдук ишмердиги тарыхчылар тарабынан тастыкталып келүүдө. Бирок ар бир инсанды тарыхый доордон бөлүп карашып, мүчүлүштөрүн көрсөткөн көз караштар жок эмес. Андай учур-

да көпчүлүк кыргыз элинин белсемдүү инсандары — бай, манап, бий, болуш, керек болсо саткынчы, чыккынчы болуп чыга келишет. Албетте, алардын кемчиликтери, терс, зыяндуу жактары да болгондугун жашыра албайбыз. Ошондой карама-каршылыктуу, полемикалык пикирлерди туудурган — Шабдан. Ал орус падышачылыгына кызмат кылып, кыргыз жерин басып берүүгө чоң жардам берген дешсе бирөө, орустар ансыз деле басып алышмак, ал кыргыз элин тыптыйпыл кыйроодон сактап калган дешет экинчиси. Бул ойлордун түбүнө жетүү үчүн ар бир окурман тарых барактарына объективдүү жана аргументтүү назар салуусу керек. Тарыхтын актай барактары жаңыдан гана толтурулуп жатканда объектиге этиеттик менен мамиле кылуу зарыл.

Башка тарыхый инсандарга караганда Шабдандын образы көркөм адабият-

тын бардык жанрларында кездешет. Мына ушунун өзү эле инсандын тарыхта алган орду өзгөчө экендигин билдирет, ал эми аны акын-жазуучулар кандайча чагылдыргандыгы башка маселе. Анткени, образдын оң же терс, ийгилиги же кемчилиги болушу мүмкүн.

Акындар поэзиясына келсек, кыргыз-казактын өткөн кылымдагы залкарлары Калмурза, Солтобай, Эсперген ж. б. чыгармачылыктарынан алгач Шабдандын образдык портрети тартылат. Төкмө акындар аны менен аралашып жүргөн замандаштар болгондуктан көбүнчө бет маңдайында жүз көрүшүп ырдашкан. Колдо бар материалдар боюнча алгач ырдагандардын бири сокур казак Эсперген:

Баатыр Шабдан аманбы,
Кудайым сүйүп кез келгем.
Кудайым сүйгөн адамга
Эки чырак көз берген —

деп аябай мактап батасын бериптир.

Ал эми казак акыны менен чогуу кирген, элде кара жаак аталган Калмурза:

Баатыр Шабдан аманбы?
Баарына айтам саламды.
Казактан келген ырчынын,
Артында мен каламбы? —

деп келип түбү сарбагыш экендигин, карта оюнунан беш жүз теңге уттуруп жибергенин, анын эл башкарып турганын, карыздан кутултпаса намысы түшүп каларын, көп той-тамашаларга катышып, сый коргонүн, амалы кетип турганда жолукканын узун сабак кылып төгүп айтат.

Акындардын чыгармачылыгынан көрүнүп тургандай Шабданды мактоо менен үмүт кылып өлбостүн күнүн көрүү, карызынан кутулуу болуп саналат. Жоомарттыгы, марттыгы калайык калкка билинген адамды сыноонун бир түрү болгонун жакшы түшүнгөндүктөн Эспергенге чапан жаап, ат мингизсе, Калмурзага беш жүз теңгесин төлөп берген.

Ушул окуядан кийин Шабдан Калмурзанын чыгармачылыгында мыйзамченемдүү бир топ чагылдыргандыгын байкайбыз. Чолпонбайдын ашындагы ыры акындын эл-жерине кетүү сагынычы менен байланышкан: «Журтумду деги көрөмбү, Же тентип жүрүп өлөмбү?»... деген ички толгонуу саптарынын идеясы чыгарманын башынан аягына чейин терең мааниде орун алган. Акындын эмоциясы жогорку деңгээлге көтөрүлгөндүктөн Шабданды өтө апыртуу менен мактап салган.

Тобобүзгө күн болгон,
Түн ичинде ай болгон,
Таянганга тоо болгон,
Жашынганга коо болгон,
Айткан сөзү баа болгон,
Баатыр Шабдан аманбы...

Мисалдын өзү айгинелеп тургандай Калмурзанын сүрөттөөсү боюнча Шабдандай адамды дүйнөнү төрт айлансаң

да таппайсың! Каарманга жагалданып мындай ырдашынын себеби да жеке кызыкчылыктан келип чыккан, анткени анын ботон солто уруусунда жүрүп, сарбагыш элине коно албай жүргон болчу. Ырдын максаты жалаң эле Шабданды гана даңктоо эмес, оз башына түшкон мүшкүлдү, арыз-муңду билдирүү эле.

Ал эми «Шабдандын ажыга жоногондо ырдаганы», «Шабдандын ажыдан келгенде корүшүп ырдаганы» чыгармалары да мурдагы традицияны улап, мактоо, даңктоо идеясына сугарылгандыгын коробүз. Чындап айтканда, Калмурза Шабдандын идеолог ырчысы катары кызмат кылган.

Калк — кара тал, Сиз — терек,
Калк кысылса — Сиз керек.

Акын кыргыз элинен чыккан аттуу-баштуу инсандарына токтолуп келип, бироо да Шабданга тең келе албайт деген жыйынтыкка келет.

Аман барып, аман кел,
Ак боз бээни жүз сойсо,
Атын Шабдан жүз койсо,
Казак менен кыргыздан
Асты чыкпас сиздей эр.

Ажыдан кайткан Шабданды тосуп алуу көрүнүшү да мактоого толо ыр менен коштолот.

Акындын чыгармачылыгында субъективдүүлүк басымдуулук кылат, Шабдандын жеке керт башына сыйынуу, бир беткейлик жактоо, анын үстүнө эпикалык баатырлардай обу жок эле «күн, айга» ж. б. теңештирип чагылдыруу өкүм сүрөт. Калмурзанын жаагын жанып Шабданды көкөлөтүп ырдап тургандары — экоонун тең кадыр-баркын арттырып турган.

Дегеле Калмурзанын Шабданга арналган ырларында бири-биринен өзгөчө айырмаланган саптарды жолуктура албайбыз, бир эле ойду улам-улам айта бер-

ген кайталоолор жыш учурайт. Мактоонун өзү бир түрдүү болгондуктан чыгарманын мазмундары коёндой окшош болуп чыга келет. Эмнегедир акын Шабданды даап кемчилигин көрсөтө албайт, ал эми өзүнүн кемчиликтерин жашырып жаппай эле ачык сүрөттөйт. Эмне үчүн Шабдандын мүчүлүштөрүн ырдабаган?! Шабдан телегейи тегиз адамбы?! Акындын кошоматчылыгыбы?! ж. б. суроолор жаралат.

Уруулук карама-каршылык, коро албастык, бийлик талашуунун кесепети акындардын чыгармачылыгына терс таасирин тийгизбей койгон эмес. Акындар айласыздан бийлердин тукуруусу менен жамандап, кордоп ырдоого аргасыз болушкан. Шабдандын акын Солтобай тарабынан басмырланып ырдашынын мазмунун эл арасында тараган санжыраларда, оозеки адабиятта жана кол жазмалар фондусунда сакталган материалдарда негизинен бирдей. Ошондуктан,

акындын ыры стилдик жактан гана айрым өзгөрүүлөргө учураганы менен көркөм адабияттарда пайдаланууда жалпысынан айырмачылыктардын жоктугун көрүүгө болот. Белгилүү жазуучу К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышы» романында Солтобай акын катышкан эпизодду ачып берүүгө аракеттенип, анын ырларынан үзүндү алган. Албетте, ар бир ырдын чыгышына кандайдыр бир окуя түрткү болуусу белгилүү, анын үстүнө абройлуу Шабдандын элеси чагылдырылып жаткан дан кийин тарыхый фактыга барып такалышы турган иш. Көркөм чыгармаларда, тарыхый материалдарда көрсөтүлгөндөй Шабдан менен Чынаалынын (Чыныбай) ортосундагы келишпестиктен улам эки уезддин тобун өткөрүү тууралуу сүйлөшүү болбой калып, Шабдандын оюу ордунан чыкпай, аны караган эч ким болбой, ал турсун тамак-аштан кыйналышып, минип келген аттарын союп жешке маж-

бур болушат. Табасы канган Чынаалыдан коркуп, колунда байлыгы жок, короосунда малы жок ырчы баш тартса кандай жаза күтүп турганын билип ношордой төгүп жиберет:

Келдиң эле сен Шабдан,
Бадана кийип балпылдап,
Эми кайра кайттыңбы,
Байталга жетпей салпылдап!..

Энчи болуп бергендей,
Энеси болок Тынайдын!
Эркелетип койгудай,
Эркеси белең кудайдын?

Акындын ыры башынан аягына чейин өтө терс мазмунду түзүп, кордоо жанрынын традициясында жаралган. Кыргыз адабиятынын тарыхында манапты кордоп ырдагандын да алгачкыларынан болуп саналат. Ыр багышталып жаткан адамды моралдык жактан руханий кыйроого алып барып таштайт: Ата-энеси,

тууган-туушканы, жоро-жолдошторунан тартып тамак-ашы, мал-мүлкү ж. б. чейин бурмаланып кордолот. Алсак, мындай саптар оюбузду бекемдеп турат: «Бозоңдон башка ашың жок, Бозоңду төгүп салдыкпы», «Жылкы түгүл, итиң жок, Жылкыңды тийип алдыкпы». Атайылап каралоонун максаты факты, далилдер туура келеби, жокпу кеп мында эмес, кандай болгон күндө да адамды эл, коом алдында сындыруу, кадыр-баркын төмөндөтүү. Эгерде кордолгон адамдын ар кандай шарттар менен кайра жооп берүүгө мүмкүнчүлүгү жоктугун сезген сайын акын ички дүйнөсүндө «кыйратып», «талкалап» салдым деген ойдо ого бетер агын суудай каптап кетет эмеспи! Ушул ырдан кийин Солтобайдын атакдаңкы «дүң» эле дей түшөт. Шабданга кордоо көрсөтүү эмес, каяша айтуунун өзү чоң эрдик болчу. Шабдандын короочтугу менен гана эки уруу кагылышуу кыргындан аман калышат. Болбосо Бая-

ке сыяктуу «бөрк ал десе, баш алган» жигиттери «көз ачып-жумганча» акынга, анын тукуруучуларына курал-жарак көтөрүүгө араң эле турушпады беле?! Анын үстүнө Ормондун куну тууралуу маселе чечиле элек болчу — айыкпаган жараат козголуп кетиши мүмкүн эле. Ошондуктан, Шабдан канчалык басырылганына, ички дүйнөсүндө караңгылык каптаганына карабай, эрдин тиштеп басып кетиши да түшүнгөн адамга зор жоопкерчиликти, милдетти жүрөгүндө туюп, акылында аңдап билиши эле. Акын Солтобайдын жана бийлеринин Шабдандын үстүнөн жеңиши катары пикирлер тараса да, а чындыгында бардык ызаны көтөрүү менен элдин канын агызбай сактап калган Шабдандын айкөлдүгүндө, кеңендигинде болчу.

Шабдандын акылынын тууралыгын турмуш тарыхы далилдейт. Ошол эле Солтобай бир жылдан кийин Шабданды көргөндө жагалданып, кошоматтанып,

жогорку ырынан «асман менен жердей» айырмаланган ырды чыгарат. Акындын бул ыры да чыгармаларда жана макалаларда мазмуну жагынан жалпылыкты түзүп турат. К. Осмоналиевдин романынан жана кол жазмаларда элден жыйналган материалдардан мисал келтирели.

«Көчмөндор кагылышы» романында:

Оо, хан алдында көп жүрдүм,
Хандан кайрып жеп жүрдүм.
Башыңа келген заман бу,
Шабдан баатыр, аманбы?..
Көк-Ойрок менен Челекти,
Ак калпактуу кыргызда,
Таппадым сендей керекти!..

Жазуучу прозалык жанрдын мүмкүнчүлүгүнө жараша гана ырдан үзүндүлөрдү алып, образдардын ички дүйнөсүнө кирүүгө аракеттенип жатканын байкоого болот. Ырдагы курч, таамай саптар тарыхый инсандардын кебете-кешпирлерин

тереңдетүүгө жол ачат. К. Осмоналиев романда акындын кордоп, мактап ырдашына кайрылганда Б. Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхында» жазылган материалдарды чыпчыргасын коротпой пайдаланганы ачык эле көрүнөт. Ал эми кол жазмалар фондусундагы материалдарга келсек, Шабданды мактап ырдоосу одага жатат. Апыртуу, даңазалоо, көкөлөтүү эмоциясы менен Шабдандын аброюн бийик көтөрүп салган.

Ардактаган тулпарды
Адырга минсе тер чыкпас,
Ак калпактуу кыргыздан
Артылып сенден эр чыкпас ...
Караңгынын жарыгы
Шамы болдуң кыргыздын.
Айдалганда токтогон,
Тамы болдуң кыргыздын.
Кеме жүргөн дарыя
Суусу болдуң кыргыздын.
Адашканда жоктогон
Туусу болдуң кыргыздын.

Мындай мактоону кыргыз адабият тарыхында өткөн кылымдардагы тарыхый инсандарга арналган чыгармалардан табуу кыйын. Акындын бир жыл ичинде өзгөрүп кетишине себеп дагы эле тарыхый окуяга байланышат. Шабдандын күчү менен топ Токмок уездинин Кара-Булак жеринде өткөрүлүп, ал Солтобайды атайы чакырткан. Демек, акындын Шабдандан кечирим сурoонун эң амалдуу жолун тандап алган жана натыйжалуу болуп жоомарттан минип кайткан. Карама-каршы позициядагы ырлардын чыгышына акындын ички дүйнөсү шарт түзбөстөн, сырткы субъективдүү күчтөрдүн таасири маанилүү роль ойноп кеткен. Акыйкат үчүн суроо коёлу: Солтобай өзүнүн эргүүсү менен Шабданды кордоп да, мактап да ырдайт беле?! Албетте, жок. Акындык талант бирөөнү жамандоодо, же мактоодо эмес экендигин жакшы түшүнгөн Солтобай тагдырга моюн сунууга аргасыз болгон. Натый-

жада акын ырдады, чыгарма жаралды, эл арасына учкан куштай тарап кетти, а бирок «заказной» ырда объективдүүлүктөн субъективдүүлүк ашыра басып кеткенин, реалдуулуктун негизи майдаланып калганын көрөбүз. Акындын башкы максаты көркөм чыгарманын талабына жооп берүүдөн мурда — Шабданды кемсинтүү, же мактоо катары жеке же бир топтун кызыкчылыгын билдирүү болчу. Ошондуктан, Солтобай ал милдетти эки учурда тең кынтыксыз кылып аткарууга жараган.

Казак акыны Жамбыл менен Шабдандын жылуу мамилелеринен эки элдин достугун, бир туугандыгын көрсөткөн пикирлер бар. Алгач Жамбылдын өзүнө келсек, 1879-жылы казак жеринде жут болуп, жаз айында Чоң Кеминдеги Шабдандын айылына келүүгө туура келген. Акын ырында жутчулуктан көргөн азаптозокторун, пааналап келгенин, баатырдын сыйларын, күч-кубат алууга мүмкүнчүлүгүн түзүп берүүсүн ачык билдирген.

Уа, шавибаз, хан Шабдан!
Атым арып келди эбден.
Тоным тозып жүдедим,
Орын бермей жан терден.
Ак ордаңа енейин,
Аман-салем берейин.

Шабдан сыйлаган акынды жакшы тосуп алып, меймандап, кетеринде 18 жылкы айдаткан экен.

«Алардын достугу өмүр өткөнчө болбодубу» — дейт Ч. Айтматов[1]. М. Шаханов менен авторлошуп жазылган «Жар боюнда боздоп турган аңчынын ыйы» деген чыгармада эки инсандын тарыхый байланышы публицистикалык маанайда баяндалган. Авторлордун маалыматы боюнча Жамбыл келип калгандыгына байланыштуу жолго чыгып калган Шабдан сапарын токтотуп генерал-губернатор Колпаковскийге барбаптыр. «Ос-

[1] *Айтматов Ч., Шаханов М.* Плач охотника над пропастью. — 69-бет.

тановитесь! Даже если Колпаковский был бы царем, он не был бы выше Жамбыла. В дорогу тронемся через пару дней, после того как проводим Жамбыла,— объявил Шабдан, затем распорядился установить специально для своего друга-акына белую шестикрылую юрту и позвал всех уважаемых сородичей». Акындын «Манас», «Суранчы баатыр» эпосторун таң атканча аткарганын Шабдан толкундануу, тамшануу менен угуучу экен. Тарыхый инсандын жоомарт, март, кең пейил сыяктуу касиеттери сүроттолгон, Жамбылдын 1912-жылы ашка келгендиги жонүндо маалымат бар. Авторлордун жеке пикирлери чыгармада белгилүү факт-материалдардын үстом-дүгүнүн астында калгандай элес туйдурат.

Ш. Бейшеналиевдин «Болот калем» романында жаш Тоголок Молдо Шабдандар менен замандаш болуп, окуяларга аралашып жүргондой сүроттолот.

Акын романда баяндагандай «Эл өлүмү» деген дастан чыгарат:

Кедейлер өлсө тим болгон.
Кесири чоң манапка,
Эки кыз баштап кул болгон.
Бийлиги деп Шабдандын,
Тутүнгө тегиз бир койдон.
Кыздарга кошуп миң тенге,
Кызыл алтын пул болгон.
Он бир эрдин өлүмүн,
Отказ дешип тим койгон.

Тоголок Молдо тарыхый каарманды көкөлөтүп мактабайт, өзү көргөн окуяларга тынчсыздануу менен мамиле кылат.

Проза жанрында Ш. Бейшеналиев, К. Осмоналиев, И. Жакановдун чыгармаларында Шабдандын элеси тартылган. «Болот калемде» Шабдандын Мусакожо

[1] *Жатбыл.* Тандалмалар. — Алматы: Гылым. — 1996. — 1-том. — 280-бет.

менен Касымбек бай-манаптарды элдештирүүгө жасаган далалатынын оң натыйжага ээ болгондугу чагылдырылган. Романда эпизоддук окуяларга катышса да каармандын ички дүйнөсү белгилүү даражада жакшы ачылган. Анын ынтымак, тынчтык үчүн элчилик кызматына басым жасалат чыгармада. Ш. Бейшеналиев образга этиет мамиле жасайт, ошондуктан бай-манаптын образын кантсе да берүү максатында элден жыйналган чыгымдар тууралуу окуялардын тегерегинде сүрөттөөгө аракеттенет. Бирок каармандын кыймыл-аракеттери, көз караш жан-жигити Баяке тарабынан жүзөгө ашырылып турат.

Романда Шабдандын Алай тарапка баргандыгы жөнүндө учкай гана мындай билдирүү бар: «Алай, Анжыян тараптагы уруш — кыргынсыз ыктыяры менен кошуулуусун өтүнүп, Адигине ата тукумунун башчысы Курманжан даткага жеңе жесири катары нике кыйдырууга жашы-

руун ниетин жүзөгө ашыралбаган менен негизи падышачылыктын элчилик вазифасын, генерал Скобелевдин оюндагысын аткарып экилтик Шабдандын атагы ого бетер көкөлөгөн[1]»...

Ш. Бейшеналиевдин эң талылуу, талаштуу маселени акырын чыгарып коюп, өзү көп батынбаган проблема — Шабдандын түштүккө орус аскерлери менен барышы. Бул жерде эки маселе боюнча көбүнчө пикир келишпестиктер пайда болууда. Биринчиси, Шабдан кыргыз жерлерин басууга орус аскерлерине жардам берген, экинчиси — Курманжан датказа нике кыйдыруу.

Орус аскерлеринин күчтүүлүгү баары бир тоолук элдерди кандуу кыргынга учуратып жеңет эле, ошондуктан Шабдандын ортого түшүп, арачылык кылганы туура болгон деген көз караштагы

---

[1] *Бейшеналиев Ш.* Болот калем. — 2-том. — 78—79-беттер.

ойлор ошол мезгилдеги саясий кырдаалды эске алганда прогрессивдүү жыйынтыкка алып келген. Албетте, кур намыс кылып, төш кага бергенде жалпы эл үчүн өтө оор, кыйын болмок, ал эми бай-манаптар кандай гана болбосун өздөрүнүн керт баштарын сактап калууга кудуреттери жетишмек. Окко учкан да, канга боёлгон да, тукумунан айрылган да — итке минген кедей-кембагалдар болмок. Шабдандын орустарга жардам берүүсүнүн эң башкы миссиясынын максаты — кыргыз элин сактап калуу эле. Бул ичтеги жашыруун сырдын түпкү маанисин чындыгында өзүнөн башка бир да жан билген эмес.

К. Осмоналиевдин «Көчмөндөр кагылышында» Курманжан датканын алдына келип, таазим кылып, никелешүү жөнүндөгү ойдун ойрон болушу — каармандардын ички дүйнөсүндөгү карама-каршылык сезимдерин жек көрүү абалдарына чейин курчуп жетилиши көркөм

сүрөттөлөт. Персонаждардын ар бирине таандык кыймыл-аракеттери, сүйлөө речтери ж. б. ынанымдуу берилген.

«— Саламатсызбы, апа!— деп жибербеспи, катыгүн! Аа кашайгырдыкы, кашая түштүбү! Жоодур көрүнгөн Курманжандын өңү чагылган ургандай чу өзгөрдү. Мандайынан ылдый жүзү кубара-кумсара, уурту дирт этип, таноосу кыпчылды. Канынын бузулганын туйбоо үчүн:

— Сала-мат-чылык, мырза! — деди чоюла.

Айымдын өзгөргөн жүзүн Шабдан дароо сезди. Айгапта боло ичкериди. Кызыл жүзү чайпалды. Манжалары карышканда оң бармагынын тырмагы оң соомойүнүн этине баткандан батып баратты»[1]...

Автордун позициясы боюнча сөздүн орунсуз айтылышы дин жагынан да, дил жагынан да ишти бузат. «Никелешүүдөн

[1] *Остоналиев К.* Көчмөндөр кагылышы. — 528-бет.

качпоого да Курманжандын ак дилинде макулдук бар эле» — дейт жазуучу. Ата-баланын салтын бузбай Шабдан датканы «жеңе» деп кайрылганда каармандардын тагдырлары таптакыр башкага бурулуп кетери тууралуу ой чабыттатат К. Осмоналиев. Эми минтип «апа» деген создүн саатынан өмүрлөрүнө кылтак салынып, уу бердирип өлтүрүү маселеси чечилет. Курманжан датканын дагы бир ызырынганы — Шабдандын жон келбей тоо арасына орус аскерлерин жаап-жашырып койгону болчу. Ошондуктан, уулу энесинен орустарды түн ичинде тыптыйпыл кылуу үчүн кеңешип отурат. Орус аскери тактиканы өзгөртүп көчүп кетишип, Абдылданын оюу ишке ашпай калат. Ал эми Шабдан болсо Байзак экөө бир атка учкашып өмүрлөрүн аман ала качышат. Романда Курманжан датка Ташкенттеги улук менен өзү барып сүйлөшөт. К. Осмоналиевдин сүрөттөөсүндө Шабдандын тагдыры өтө коркунучта калганы, ажа-

лынын жетпегенинен тирүү эл-жерине кайтышы бир чети драмалуу, бир чети юморлуу берилген.

Оозеки материалдарга келсек, Шабданга айыл аксакалдары «Шабдан, сен ага үйлөнсөң, Адигине, Тагайдын тукумун бүт ээлейсиң?» — деп көкүтүшкөн экен. «Келиңиз, эже» деп шашып айтып жиберип ичтеги сөзү чыкпай калган экен. Ш. Бейшеналиев, К. Осмоналиев ж. б. жазуучулар санжыранын негизинде окуяны кызыктыруу, тереңдетүү максатында «апа», «эже» деген сөздөрдүн тегерегинде психологиялык конфликтти пайда кылып отурушат.

Көркөм чыгармаларда майда деталдарга көп деле маани бериле бербейт, көркөмдүктүн жүгүнө, образдардын ачылышына карата художниктик позициядан бөтөнчөлөнүп каралышы мүмкүн. Мындайда персонаждардын психологиялык ал-абалын тереңдеп чагылдыруу башкы максат болот. Ал эми тарых барагына

көз жүгүртсөк, Шабдан 1840-жылы, Курманжан датка 1811-жылы туулуп, 29 жаш улуу болгону дапдаана. Энесиндей болгон «Алай ханышасына» нике кыйдыруу жазуучулардын көркөм фантазиясынан жаралган көрүнүш болчу.

Бирок тарыхта жазылып калгандай Шабдан менен Курманжан жолугушуп, туткунда калган датканы Скобелевден сурап алган: «Качып кетсе эмне кыласың деп Скобелев айтканда, жооп берген анын ордуна мени атыңыз деген Шабдан»[1]. Үй тиктирип, ызаат көрсөтүп, датканын жогору сыпайлыгын баалаган.

Узун-Агачтагы салгылашууда Шабдан орустарга каршы кыргыз жигиттерин баштап барып, айырмалангандыгы үчүн Кокон ханы Мала хандан алтын жалатып кооздолгон кылыч, мылтык жана чапан тартуу алган, кийин Кудаяр хан

[1] *Шабдан баатыр*. — Бишкек: Учкун, 1992. — 9-бет.

тарабында так талашкан күрөштөргө катышып Түркстан калаасынын бегине бекиген. Бирок, анда Йакуб бектин, же Багдөөлөттүн мамлекетине кошулуп кетсек эмне болот? деген ойдо да болгон. Анткени Жантайдын орустарга, мамиле кылышы анын пикирин кескин өзгөрткөн эмеспи!

Орус тоболдору да каарманын кур кол койбогон, бир топ медалдар менен сыйлап, майор чинин беришкен.

К. Осмоналиевдин романында Шабдандын өмүр жолу кеңири сүрөттөлөт. Ал айтылуу жомок сыяктанып кеткен Балбай баатыр менен жолугуп, кесилип калган кулагына кызыгып, жакында эле өткөн Ормон, Төрөгелди жана орус падышалыгы тууралуу ой-пикир алышат. Балбайдын сүрүнөн, жинденген түрүнөн жүзүндөгү күлкү күбүлүп, томсоруп отурган Шабдандын психологиялык абалын жазуучу ишенимдүү жазган. Балбай орустун кыргыз жерине басып келгенине ка-

раманча каршы экендигин билдирип, «орус ойлогонун кылат» дегендей айылдарды маскаралаган солдаттарды катуу айыптап мусулманчылыктын тазалыгын жактайт. Шабдан болсо ага падышачылыктын бийлигинин күчүн, газават ордо ичиндеги митайымдардын ойлоп тапкандары, жеңүү негизсиз кыялдар экендигин түшүндүрөт. Балбайдын адамгерчиликтүү, меймандостугун көрүп бир чети ыраазы, экинчиден орустарга каршы карактоосуна нааразы болуп кайтат. Ал жазуучунун позициясы боюнча Балбайды түрмөдөн куткарып алууга аракет кылып да көрөт. Тарыхый материалдар боюнча эки тарыхый инсандын кездешүүсү жөнүндө так маалымат жок.

Ал эми Тайлактын уулу Осмон орустарга карап бербей, Шабдандын элчилик милдетин «чыккынчы» катары көрүп, Какшаалды коздой көчкөнгө чечим кабыл алат. Тагдырдын буйругу менен Шабдан менен Байзак түн ичинде

токой аралап качып кетишет. Шабдан менен Осмон үч жолу беттешип, бирин-бири аёо сезими жеңип кетет.

Тарыхый материалдардын көрсөтүүсүндө Нарынга бараткан Загряжскийдин отрядын Осмон колго түшүргөндө, аны талкалоо үчүн Шабданды солдаттар менен жиберишет. Бул кагылышууну да ал орус падышачылыгы тапшыргандай оң чечип келет.

Романда Шабдандын образындагы касиеттер — жоомарттык, кеңпейилдик, марттык, айкөлдүк ж. б. адамдарга жасаган жакшы мамилелери көрүнүп турат. Бирок автор каарманды революционер Михаил Фрунзе менен беттештирип, аны менен ынак мамиледе сүрөттөшү анчалык мааниге ээ болбой калган. Бул жерде эгер Шабдан өлбөй турганда бара-бара революционер болуп чыгары жөнүндө ой жатат. Жазуучунун көз карашына советтик идеологиянын таасири катуу тийип турганы билинет. Чыгар-

манын жыйынтыгында К. Осмоналиев «Көчмөндөр кагылышын» саясий пафос менен бүтүрүүгө аракеттенген.

Казак жазуучусу И. Жаканов Шабдандын орус географиялык коомунун адиси, граф Боголюбов менен болгон жылуу-жумшак мамилесин сүрөттөйт. Орус адамдарынын келгендери Шабдандын мартабасын көтөрүп салат. «Кыргыз тоолорун айлана учкан бакыт кушу Шабдан эрдин колуна келип конгондой!» — дейт жазуучу. Шабдандын ататеги Атаке баатыр, Жантай хандар даңазаланып, кошоматчылык күчөйт. Граф менен манаптын ортосундагы диалогдо кыргыз жеринин сулуулугу, карапайым элдин улуулугу, меймандостугу, ишенччтиги тууралуу сөз козгошуп, черлери жазылат. Эл салты боюнча жакшы киши келди деп ат чаптырып, той жасатат. Жарчылар жар чакырып жүрүшөт.

Ээй, жыйылган алка, жалкы көп,
Эзелки элдин салты деп,

Салтанаттуу Шабдан эр,
Колдогон кыргыз калкы көп —

дешип, Петербурлук меймандарды даңазалоого алышат. Жазуучу той-тамашанын салтанаттуу өтүшүн аземдеп көркөмдөп жазуу менен каармандардын жан дүйнөлөрүнө үңүлүп кирет. Графтын жүрүм-туруму, көз карашы элге жакындыгы Шабданды кубандырат. Ал гана эмес граф манапты эр сайыштагы адам өлүмү үчүн күнөөлөйт. Каармандын дипломаттык иштерине басым жасоого жазуучу чоң маани берген.

Шабдандын эң чоң эрдиги катары бугу, сарбагыштын ортосундагы чыр-чатактын аягына чекит койгондугу деп эсептээр элем. Ормон хандын куну чубалжып отуруп эки урууну өч душманга айландырып салган болчу. Сарбагыштар кунду өндүрүп алууга аракеттенсе, бугулар кунду төлөөдөн баш тартышкан. Саясий кырдаал татаалданып турганда

сырткы душмандар да урууларды н арасындагы жиктелүүлөрдү өз пайдасы үчүн чечүүгө кам көрүшкөн. Шабдан да ошол доордо жашагандыктан, доордогу проблемалардан сырткары боло албайт эле. Топ жыйында Ормондун куну тууралуу маселени күн тартибине киргизет. Бул маселенин көркөм адабиятта кандайча чечилгени С. Рыскуловдун «Шамен» повестинде чагылдырылган.

«Ормондун кунун алган жатыпсың, чынбы?

— Чын. — Шамен менен Шабдан бир аз тиктеше түшүшөт.

— Андай болсо Ормондун куну канча болот?

— Эрдин куну жүз жылкы. Ормон хан эмеспи, анык көп болот да.

— Көп болгондо канча болот?

— Көп болот.

— Ойлончу, Шабдан. Көптөн башканы айта албай койдуң. Эгерде кандын баасын кесип койсоң кандын наркы чы-

гып калат. Кандын куну миң жылкы болсо миң жылкылуу адам өлтүрүп коёт. Кандын куну эки миң жылкы болсо эки миң жылкылуу бай өлтүрүп койсо болот. Ошондуктан кандын куну жок дейт элде. Кандын куну тоодой алтын болсо да айтылбайт. Кандын өлүмү ага туугандан, суучулдуку суудан, мергенчиники тоодон, дарчыныкы дардан деген элдин сөзүн унуттуңбу?[1]»

Шабдан акыл калчап көрсө Шамендин курч, таамай сөзү туура көрүндү, Ормондун куну кечирилди да топто маселе каралбай калды.

Ошондой эле Шабдандын небереси Балбактын Шабданга атаандаштыгы, керсейүүчүлүгү, тоңдугу кызыктуу окуялар менен коштолот. Шабдан энеси Баалыны көмүп жатканда Балбактын келе жатканын көрүп, мүрзөнүн оозун бекиттирбей топурак салып калсын де-

[1] *Рыскулов С.* Шамен. — 73—74-беттер.

ген жакшы ниет менен күтүп турса, тиги болсо кылчайып койбой бастырып кетет. Мына ушундай жана башка окуяларда Шабдандын токтоолук, сабырдуулук кылып коюшу повестте жылуу сезим тартуулайт.

Шабдан өмүрүнүн акыркы жылдарын сар-санаа, терең ойго чөмүп өткөрүп калган. Россия империясындагы ал-абал, падышачылык бийликтен жакшылык үмтөткөн, жан-дили менен берилген каарман көңүлү муздап, «эл-жер эмне болот?» — деген ойго барып такалган. Карапайым элдин турмушу оордоп, орус төболдөрүнүн зордук-зомбулуктары ок тийгендей кансыратып келген. Шабдандын да аларга сөзү өтпөй калган убак, ал гана эмес, уулун жалаа менен түрмөгө камап да салышкан. Шабдандын ички дүйнөсү караңгылап, мартабалуу өмүрү өчүп барат...

Шабдан өлгөндө жана ага аш берилгенде бир топ чыгармалар жаралган.

Алардын ичинен «Нурмолдонун Шабдан баатырды жоктогону», «Сагымбайдын кошогу», Осмонаалы Сыдык уулунун «Кыргыз Шабдан тарыхы» деген чыгармаларды бөлүп көрсөтсөк болот.

Нурмолдонун саптарында[1] каармандын кыргыз элине жасаган эмгектери даңазаланып өтөт. Анын өлүмүнө кейийт. Ыр кошок формасында жазылган.

Эми кайдан көрөмүн,
Эсил Шабдан боорум-ай!
Эл баштаган эркечтей
Эрдиги чексиз доорум — ай!

Бирок бул чыгарманы К. Рыскултегин эл арасынан жыйнаса да кандайдыр бир күмөн туудурбай койбойт. Акындын чыгармасында акынга таандык стилдик көрүнүштөр, ой жүгүртүүлөр кездешпейт. Жоктоодо автордун эмоциясы да өтө терең берилген эмес. Анын үстүнө Шаб-

[1] Нурмолдонун Шабдан баатырды жоктогону//Чүй баяны. — 1999. — 13—18-август.

дандын образы атын айткандай Алай, Анжыян окуяларынан кийин калк ичинде оң мааниге ээ болбой калган. Менимче, акынга ыр мүнөздүү деп айтуу шектүүлүктү жаратат, балким, бул кийин жаралган ырлар болуп Нурмолдого ыйгарылып калышы мүмкүн. Көптөгөн айтуучулар, угуучулар, жыйноочулардын гана маалыматтары менен текстологиялык жактан такталбай эле акындарды бири-бириники менен чаташтыруу күч алып кеткен учурларды жолуктурууга болот.

Сагымбай манасчынын кошогу тарых жагынан такталган. Ал Шабдандын иниси Төлөнүн өтүнүчү менен кошкон. Эпикалык чыгармалардын айтуучусу болгондуктан, анын сүрөттөө ыкмаларында даяр оозеки чыгармачылыктын формалары кеңири пайдаланылган. Кошокто өлгөн адамдын басып өткөн өмүрү даана чагылат. Анын адамдык улуу касиеттери да сырткары калбайт.

Караңгынын жарыгы,
Шам жыгылды кыргыздан,
Калың кыргыз атасы,
Кан жыгылды кыргыздан!
Күнөөкөргө күн батты,
Күрдөөлүү кылжыр көп журтту
Күйгүзүп Шабдан эр жатты.

Бирок акындын кошогуна Солтобай ырчынын көптөгөн саптары кирип кеткен[1]. Сагымбай Солтобай акындын чыгармачылыгын колдонгон десек, өзүнүн стилдик мүнөздөрүнөн анчалык айырма байкалбайт. Ал эми Солтобайдын чыгармачылыгына Сагымбайдыкы кандайча кирип кеткени да түшүнүксүз. Бул жерде да «күнөөнү» кайрадан маалымат айтуучулар менен жыйноочулардан издөөгө болот. Дегеле акындар поэзиясында такталбаган проблемалар көп. Акындардын

[1] Караңыз: Кыргыз эл ырчылары. — Бишкек. 1994; Шабдан баатыр. — Бишкек: Учкун. — 1992.

өз оозунан жазылып калбагандан кийин бир эле ырдын бир канча авторлору пайда болуп, талаш туудурганы мыйзамченемдүү десек болот.

«Баатыр Шабдан казалы, Байкап сөздү жазалы» деп Ысак Шайбеков жазгандай өтө этиеттик менен мамиле кылуу зарыл. Анткени, мактоо да, жактоо да негизинен өтө апыртмалуу болуп жаткандыгын акын туйса керек. Кошокту Шабдан уулу Кемелдин кызы Зуурага жазып берген. Албетте, кошоктун формасында жазылгандыктан, жогорку кошоктордон, же мактоо ырларынан кездешкен маани-мазмундун жалпылыгын байкоо кыйын эмес. «Кыргызда сендей эр чыкпас» деген ой Солтобайдан, Сагымбайдан баштап Ысакка чейин берилген. «Энди катын туубайды, Баатыр сындуу бир дааныш», «Чыга албас эми сендей жан» деген саптар жыш учурайт. Акындардын бардыгы көрүнүп тургандай ойлорун өтө кесе айтышып, кыргыз

элинин башына мүшкүл иш түшкөндөй беришкен. Манас бабабыздан айрылганда ушундай айтышса туура болчудай эле, ал эми Шабданды түгөл элдин «шамы» өчкөндөй, «түн киргендей» сүрөттөө канткенде да гиперболаштырылып жиберилген. Ысак Шайбековдо географиялык масштабдагы кеңейип, «казак элинен да Шабдандай жан чыкпайт» деген ой сиңирилген. Акындын башкалардан бөтөнчөлүгү — ырчылардай өз оозунан айтса бир жөн, ал небересинин атынан кошок кошулуп жаткандыктан субъективдүүлүккө берилүү болсо да түшүнүктүү, анткени эмоциялык күйүткө алдырган жакынга өлгөн адамды кандай мактаса да кечиримдүү болот.

Осмонаалы Сыдык уулунун чыгармасы 1914-жылы Уфа шаарында «Шарк» басмасынан басылып чыккан. Китеп прозалык баяндоодон жана казалдан турат.

Чыгармада Шабдандын карапайымдыгы, жөнөкөйлүгү, боорукерлиги, кай-

раттуулугу тууралуу сөз жүрөт. Автордун билдирүүсүндө ал эл менен камыр-жумур жашаган экен. Анжыяндан, Намангандан, Ирандан, Кашкардан, Мекеден, Мединадан адамдар келип турушуптур. Өзү да Мекеге барып ажылык кылган. Кокон хандыгынын да сыйын көргөн, орустарга да урматтуу болуп туткундалган 73 адамды өлүмдөн куткарып калган. Автор бир адамдын өмүрү текке кетпегенин, эл үчүн кам көргөнүн далилдөөгө аракет жасайт. 73 жашында өмүр менен коштошконун жаратылыштын ажайып сулуулугу менен байланыштырып сүрөттөйт.

«Шабдан казалы» бөлүмүндөгү Осмоналы Сыдык уулунун жазганынын мааниси жогорку кошоктордон айырмасы деле жок: «Баатыр кетти жалгандан», «Артык адам ким болгон», «Кыргыздан мындай болбогон», «Баатыр өлдү дегенде, Кыргыз тууган азап жеп» деген чулу кайгылуу күйүт вариацияланып берилет.

Бирок кошокто жазуу стили калыптаршканы байкалып турат.

Драма жанрында тарыхый инсандын образын эң алгач алып чыккан — Касым Тыныстанов. Ал «Академиялык кече» аттуу пьесасында терс образ катары чагылдырган[1]. Албетте, бул жерде идеологиянын таасиринен автор чыга албашы түшүнүктүү болчу. Совет түзүлүшүндө бай-манаптарды элдик кылып көрсөтүү акылга сыйбас иш эле. Ошондой болсо да пьеса катуу сынга алынган. Сынчы К. Рахматуллиндин «Шабдан» продолжает служить... своему классу» деген 1933-жылы жазылган рецензиясы белгилүү[2].

---

[1] Бул пьеса боюнча авторлошуп жазылган макаланы карасаңыз болот. Каракеев К., Акматалиев А., Пайзуллаева К. «Академические вечера» К. Тыныстанова//Китепте: К. Тыныстанов жана «Академиялык кечелери» — Бишкек. — 1998. — 3—26-беттер.

[2] Караңыз: Китепте//Шабдан баатыр. Эпоха и личность. — Бишкек: Шам. — 1999. — 142—144-беттер.

Чыгармада Шабдан кошоматчы, жепичкич, эзүүчү таптын өкүлү катары сүрөттөлсө да сынчыга эч бир жакпайт: автор таптык көз караш менен караган эмес, тарыхтын баары бурмаланып көрсөтүлгөн ж. б. «В третьих, и самое главное,— деп жазат К. Рахматуллин,— пьеса не критикует, не разоблачает Шабдана, а восхваляет его. Пьеса легализует антисоветскую идеологию, вынося ее на сцену, и, таким образом, еще больше популяризует Шабдана как «отца киргизского народа и покровителя бедных»[1].

Н. Байтемиров да атайы дастан жазды. Дастанда лирикалык каармандын жаратылыш менен байланышы ачылып берилет. Автордун көзүнө аккан суу, акыл сөз, ачык күн, сулуу көз, күйгөн от ж. б. бардыгы «Шабдан болуп кубулат». Акын абстрактуу эмоцияга жендирип жиберген.

---

[3] *Шабдан баатыр.* Эпоха и личность. — 144-бет.

«Шабдан казалы» 1909—1910-жылдары Муса Чагатаев тарабынан жазылыптыр. Анын араб арибиндеги кол жазмасы фондубузда (Инв. № 280/80) сакталып турат. Кол жазма биринчи жолу жарыяланып отурат.

«Шабдан казалында» Баякенин үч күн тең бир түштү көрүп, аны Жантай ханга жоорутуп, бата алышып, Сомба шаарында турган калмактарга каршы жоого аттанышы, жолдо Балбайга жолугушуп, андан душмандын ал-жайын билишип, кеңеш алыштары жана калмактар менен кырчылдашып урушушу, жеңишке жетиши жогорку пафос менен баяндалат.

Кол жазмада Шабдандын кол башчылыгы, согуштук өнөрдү жакшы билиши чоролорго моралдык күч бериши, эң башкысы өзү да колуна кылыч, найза алып жоого бет маңдай ураан таштап алдына чыгышы сыяктуу баатырлыгы даңазаланат.

Чындыгында М. Чагатаевдин кол жазмасы Шабдан тууралуу көптөгөн материалдардан анын баатырлыгын, эрдигин кеңири сүрөттөөсү менен айырмаланып турат. Башка чыгармаларда Шабдан элчи катары көтөрүлүп калган, ал эми М. Чагатаевдин бул кол жазмасы Шабдандын баатырлык образын толуктап турат.

Баатырлары майышып,
Дөрбөөл менен эр Шабдан,
Аянышпай сайышып.
Жүрөктө болот чарайна,
Найзанын учу тайышып,
Аянышпай коюшуп,
Кызыл ала болушуп,
Өтүшүп кетип эки жан,
Кайра тартып турушуп.
Кайраты келип эр Шабдан,
Найзаны мыктап кармады,
Алланын болуп жардамы,
Кекиртекке болжолдоп,

Жазбай баатыр сайганы,
Чалкасынан кеткенде,
Кылыч менен кайсады.
Кара болот колго алып,
Өзү чапты моюнун,
Эми көргүн баатырдын,
Аскерге кирген оюнун.

Мындай согуштук эпизоддор кол жазмада таасын чагылдырылган. Демек, М. Чагатаевдин кол жазмасынын жарыяланышы Шабдандын образын кеңири кароо үчүн өтө керек материалдардан.

## МАЗМУНУ

*Аскар Акаев*
Шабдан Батыр . . . . . . . . . . . . . . 7

*Аскар Акаев*
Шабдан Баатыр — жалпы элдин сүймончүлүгүно айланган нукура улуттук баатыр . . . . . . . . . . . . 21

*Кол жазмалар фондусу*
I. Шабдан . . . . . . . . . . . . . . . . 37
II. Шабдан . . . . . . . . . . . . . . . . 42

*Калмырза*
Шабдан ажыга жөнөгөндө ырдаганы . . 73
Шабдан ажыдан келгенде көрүшүп ырдаганы . . . . . . . . . 80

*Солтобай*
Шабданды мактаганы . . . . . . . . . . 92

*Жамбул Жабаев*
Шабдану . . . . . . . . . . . . . . . . 100

*Сагымбай*
Сагымбайдын кошогу . . . . . . . . . 102

*Доолотбек Сапаралиев*
Шабдан Баатыр — личность, востребованная эпохой . . . . . . . . . 108

*Четин Жумагулов*
Шабданга коюлган эстелик . . . . . . . 141
Автобиография
Шабдана Джантаева . . . . . . . . . 150

*Остонаалы Сыдык уулу*
Шабдан казалы . . . . . . . . . . . . . . 166

*Абдылдажан Акматалиев*
Шабдандын образы көркөм адабиятта . . . . . . 176

*Адабий-корком чыгармалар жана изилдоолор*

**«Улуу инсандар» сериясы**

**ШАБДАН БААТЫР**

Түзгөндөр: *А. Акматалиев*
*Ч. Жумагулов*
*Ө. Шаршеналиев*

Башкы редактору *К. Ишимканов*
Редактору *Р. Сакелова*
Сүрөтчүсү *Р. Исаков*
Тех. редактору *М. Курбанбаева*
Корректору *З. В. Дуплик*